К.Сейдакматов

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЕНДАРДЫК ТҮШҮНҮГҮ



К. Сейдакматов

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КАЛЕНДАРДЫК ТҮШҮНҮГҮ

Фрунзе
«Кыргызстан»
1987

22. 61
С 28

Сейдакматов Касымбек.
С 28 Кыргыз элинин календардык түшүнүгү /Сүрөтчүсү У. Осмоев. — Ф.: Кыргызстан, 1987. — 68 б.

ISBN 5—655—00046—6

Китепчеде кыргыз элинде байыркы календардык системанын кандайча колдонулуп келгендигинин жана азыркы календардын кандайча пайда болгондугунун кыскача тарыхы баяндалат. Китепче окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

$С\ \frac{1705020000-36}{М\ 451\ (17)-87}\ 57-88$ ББК 22. 61

ISBN 5—655—00046—6

Сүрөтчүсү *У. Осмоев*

Рецензиялаган *Ж. Жумалиев*

© «Кыргызстан» басмасы 1987

## БАШ СӨЗ

Азыркы календарлык система боюнча эсеп жүргүзүүгө кыргыз эли кечээ жакында эле өттү. Ага чейин кандай календарды пайдаланып келгенин божомолдоп гана билебиз. Анткени кыргыз элинин байыркы кездеги календардык түшүнүктөрү чагылдырылган жазуу эстеликтери жок, эң уруттуу болгон айдын, жылдын аттары гана сакталып калган. Ошол сакталып калган айдын, жылдын аттары кандай календардык системага байланыштуу экенин аныктап, аларды туура түшүндүрүп берүү өтө зарыл. Ансыз кыргыз элинин байыркы замандардагы астрономиялык билимин да, календардык түшүнүктөрүн да билүүгө болбойт.

Кыргыз элинин календардык түшүнүктөрүн тактоо жагы алдыда турган чоң иш деп билип, ага түрткү бере турган жардамчы иш катары колуңуздардагы китепчени жазууга туура келди. Китепчеде календардык системадагы саат, күн, жума, ай, жыл, мүчөл, кылым, эра сыяктуу түшүнүктөр жөнүндө маалыматтар чыгыш жана батыш элдеринин түшүнүктөрү менен салыштырылып берилип, аларга байланыштуу айрым тарыхый же астрономиялык кабарлар да баяндалат.

## ТӨРТ МЕЗГИЛ

Борбордук Азияда — Саян-Алтай тоолорунун аймагында жашаган байыркы түрк элдери бир жылды жылуу жана суук эки сезонго гана бөлгөн. Алар «жылдын алмашканын жерге көгөрүп чыккан чөпкө карата аныкташкан»[1]. Туркиянын кыштактарында жашаган элдер Хызырдын күнүнөн (23-апрелден) Қасымдын күнүнө (26-октябрге) чейинки мезгилди *йаз* (кыргызча жай) деп, ал эми Қасымдын күнүнөн Хызырдын күнүнө чейинки мезгилди *кыш* деп түшүнөт[2]. Алар мындай бөлүштүрүүнү календарды түзүүдө да пайдаланып, Қасымдын күнүнө же Хызырдын күнүнө карата канча күн калганын атайын эсепке алышат. Жылуу мезгилге — жай, жаз айлары ыйгарылса, суук мезгилге — күз, кыш айлары таандык болгон.

Атам замандагы жогорудагыдай түшүнүк азыркы кыргыз элинде сакталып калган. Азыр «Алты ай жай бою тапканым ушул болду». «Алты ай кыш бою бир каттабадың» деп айтабыз. Мындай учурда жылдын жылуу жана суук мезгили алты айдан экиге бөлүнөт. Байыркы түркчө *йас* сөзү жаз менен жайды чогуу туюнткан сөз болгон[3]. Мына ушул сөздүн аяккы с тыбышы жумшарышынан жаралган сөз кыргыз тилинде *жаз* түрүнө келсе, *с* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн жаралганы *жай* түрүнө келип, жылуу мезгилдин эки башка атын билдирип калган. Қазактар жазды *көктөм* деп өзгөчө сөз менен атап, жайды кыргыздардай эле *жай* дейт.

Бир жылды төрт мезгилге бөлүү салты дүйнө элдери-

нин календарларынын таасири астында кийин келип чыккан. Ал үчүн жылуу мезгилди билдирген *йас* деген сөзүнүн тыбыштарын өзгөртүп, бирин *жаз* десе, экинчисин *жай* деп атаган. Ал эми суук мезгилди туюнткан кыш мезгилин экиге бөлүп, байыркы түрктөр бирин *кыш* деп атаса, экинчисин *күз* деп атаган. Күз менен кыш мурда бирге болуп келгенин айгинелей турган фактылар азыркы кыргыз тилинде сакталып калган. Алсак, кыргызча *күз-күрөөдө, кыш-күрөөдө* деп айтууга болот. Бирок, *жаз-күрөөдө, жай-күрөөдө* деп айтуу мүмкүн эмес. Мындагы *күрөө* сөзү сырткы формасы боюнча *күрөө тамыр* деген учурдагы *күрөө* сөзүнө туура келет. *Күрөө* деген эмне? Монгол тилинде *күр/өн/* сөзү «моюн» дегенди туюнтат. Ушул сөздүн *р* тыбышын *з* тыбышына алмаштыруудан *күз* «осень» сөзү жаралган. Ал эми *р* тыбышы түшпөй, аяккы *н* тыбышы үндүүгө айланышынан *күрөө* сөзү келип чыккан. Байыркы түрктөр күз деген түшүнүктү туюнтуу үчүн өздөрүнүн *боюн/ /моюн* деген сөзүн албастан, монголдун ошондой маанидеги сөзүн алган. Азыркы *кыш-күрөөдө* деген учурда «кышында жана анын уландысы болгон суук мезгилде» деген маани баяндалышы ушуга байланышкан. *Күз-күрөөдө* деген учурда *күз* деген сөздүн өзүнөн кийин анын чыгыш теги боюнча бир уядан жаралган тыбыштык варианты кайталанат да, экөө биригип «күзүндө жана ага удаалаш суук мезгилде» деген маани туюнтат. *Күз* сөзү «моюн» деген маанидеги сөз экенин далилдөөчү кыйыр фактылар да кыргыз тилинде алигиче айтылат. Алсак, жазга маал кар көп жаап, суук болуп туруп алса, «быйыл кыштын мойну узун болду» дейбиз, ал эми жаз эрте чыкса, «быйыл кыштын мойну кыска болду» дейбиз. Мойну бар кыш жаныбарбы?

Байыркы түрктөргө азыркыдай 1-декабрден тартып 1-мартка чейинки аралык кыш мезгили деген түшүнүк жат болгон. Алар күзүндө кар биринчи түшкөндөн тартып күн жылып, көк чыкканга чейинки мезгилди суук мезгилге ыйгарышкан. Кыш кеч түшүп, эрте чыкса, мойну кыска ка-

тары бааланган. Кыштын узактыгы анын мойну катары түшүнүлгөн. Ошондуктан, кийин суук мезгилди дагы экиге бөлүү зарылдыгы келип чыкканда, *моюн* деген мааниде күр (өн) «күз» сөзү пайдаланылган.

*Эң байыркы кезде жылдын башталышы катары жаратылыштын өзүндөгү кубулуштарга тыгыз байланыштуу болгон жаз мезгили эсептелген.* Анткени жазында жерге көк чыгып, бак-дарактар гүлдөп, жан-жаныбар төлдөп, тиричиликтин цикли башталган. Ушундай түшүнүккө негизделген жыл эсебинин калдыгы азыркы кездеги малдын жашын жаз боюнча эсептөөдө сакталып калган. Көпчүлүк мал жазында төлдөйт, айрымдары жайында, күзүндө төлдөшү да мүмкүн. Бирок алардын баарынын жашы жаз чыкканда, бир жашка чыккан болуп эсептелет. Азыркы *тай, кунан, бышты, асый* (жылкыга карата), *токту, борук, эки тиштүү, төрт тиштүү, кунан кой, дөнөн кой, чар* (койго карата), *торпок, ноопас, кунаажын, уй, асый өгүз* (уйга карата) айтылган сөздөр малдын жашына жараша жаздан тартып берилет. Кыргыз эли байыртан келе жаткан түрк элдеринин бириси болгондуктан, алар да алгач жылды жылуу жана суук эки мезгилге гана бөлгөн. Л. Н. Гумилевдин пикири боюнча VI кылымда түрктөрдө ушундай түшүнүк өкүм сүргөн. Кийин жыл эсептөөнү 12 мүчөл боюнча жүргүзүү башталган. Болжол менен ошол кезде бир жылды төрт мезгилге бөлүп колдонууга өткөн. Ал үчүн жылуу жана суук мезгилдин ар бирин экиге бөлгөн. Бирок ошол кездеги айрым түшүнүктөр кыргыз тилинде алиге сакталып калган.

Тибет элинде төрт мезгилди төрт жаныбар менен символдоштуруп түшүнүү буддизм дининдеги кудайларга минген унаасы катары берилет. Ошондуктан, алар жазында качыр, жайында буйвол, күзүндө бугу, кышында буура минип жүрөт. Кыргыз элинде мындай түшүнүк жок, бирок төрт мезгилди адамдын өмүрүнө байланыштырып символдоштуруу орун алат. Адамдын жаш бала чагы жазды, күчкө толуп турган кези жайды, орто жашаган курагы күздү,

ал эми мөгдөп карыган маалы кышты элестетет деп түшүнүү кеңири маалым.

Байыркы түрктөр төрт тарапты өзүнүн күн чыгышты карап турган абалы боюнча аныкташкан. Ошондуктан, алар алды жагын чыгыш, оң жагын түштүк, арт жагын батыш, сол жагын түндүк деп билген. Анын калдыгы азыр казак тилинде алигиче сакталып калган. Алар күн чыгышты чыгыш, күн батышты батыш деген менен, түштүктү оң түстүк, түндүктү сол түстүк дейт. Мындай түшүнүктөр азыркы кыргыз элинде унутулуп, белгилүү бир тарап жылдын кайсы мезгилин түюнтары колдонулбай калган.

## ЖЫЛ

Азыркы кыргыз тилинде *жыл* жана *жаш* сөздөрүнүн маанилери өз ара жакын, бирок экөө тең барабар эмес. *Жаш* сөзү адамдын жана үй жаныбарларынын жашын эсептөөдө колдонулса, *жыл* сөзү Жер шары Күндү бир айланып чыккан мезгилди билдирип, 12 айга толгон убакыт бирдигин эсептөөдө колдонулуп, *жаш* сөзүнө караганда кеңири түшүнүктү билдирет. Ошондуктан, «сексен жашка чыкты» дегенди «сексен жылга чыкты» же «Ал окуяга беш жыл болду» дегенди «Ал окуяга беш жаш болду» деп айтуу мүмкүн эмес.

Байыркы кезде *йаш* жана *йал (йыл)* сөздөрү бирдей мааңи берген. Анткени *йал (йыл)* сөзү алгачкы *йаш* сөзүнөн келип чыккан. Илимпоздор *йаш* сөзүнүн *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашуудан *йыл* (жыл) сөзү келип чыккан деп эсептешет[4]. Ал эми *йаш* сөзүнүн өзү байыркы түркчө *йас* сөзүнөн келип чыккан дешке болот. Бул сөз байыркы түрк тилинде жаз жана жай айларын түюнткан. Сөздүн аягындагы *с* тыбышы *ш* тыбышына алмашуусунан *йаш* сөзү жаралса, *с* тыбышы *з* же *й* тыбышына алмашуусунан *жаз* жана *жай* сөздөрү пайда болгон. Байыркы түрктөрдүн жазды жылдын башталышы деп билиши бара-бара кеңип,

мезгилди билдирген сөздүн мааниси бир жылды билдирген сөзгө айланган. Орхон-енисей жазууларын жазган кезде (VIII кылым) түрк тилинде *с* жана *ш* тыбыштары эркин алмаштырыла берген. Бирде *киши* деп жазса, бирде *киси* деп жазууга мүмкүн болгон. Ушуга таянганда алгачкы *йас* сөзүнүн *йаш* болуп өзгөрүшү орхон-енисей жазуулары жазылган кезде же андан бир аз мурдараак болуп өткөн. Жаздан айырмаланган *йаш* сөзүнүн жаралышы, андан келип чыккан *йыл* сөзүнүн колдонулушу байыркы түрк элдеринин календардык системасындагы өзгөрүүлөргө түздөн-түз байланышкан болуу керек.

## МҮЧӨЛ

Кыргыз эли жылдан чоң убакытты эсептөө бирдигин *мүчөл* дешкен. Мүчөл жылдардын кандайча жаралганы жөнүндө Махмуд Кашгари мындай болмушту келтирет. Түрк кагандарынын бири өзүнөн бир нече жыл мурда болгон согушту изилдемекчи болот. Бирок анын датасын тактоодо аябай кыйналат. «Биз кыйналгандай болуп бизден кийинки муундар да кыйналбасын, андыктан он эки ай менен асмандагы он эки зодиактын атын негиз кылып он эки жылга ат коюшубуз керек. Кийин жыл эсеби ошол жылдардын айланышы боюнча жүргүзүлсүн жана бул нерсе жакшы салт болуп калсын» — деп сунуш кылат. «Сиздин айтканыңыздай болсун» дешип увазирлери да жактайт.

Хан ууга чыгып, жапайы айбандарды Иле дарыясына карай айдоого буюрат. Дарыяга келип такалып калган соң айласы түгөнгөндө жанын ала качып айбандар суудан сүзүп өтө баштайт. Кимиси биринчи сүзүп өткөнүнө жараша он эки жаныбардын аты жылдын аты болуп калат. Ошондо жаныбарлар мындайча тартипте суудан сүзүп өткөн имиш: 1. Чычкан, 2. Уй, 3. Барс, 4. Коён, 5. Улуу, 6. Жылан, 7. Жылкы, 8. Кой, 9. Мечин, 10. Тоок, 11. Ит, 12. До-

ңуз (Махмуд Қашгари. «Девони луғат ит түрк» т. 1, Тошкент, 1960, 330—332-беттер).

Махмуд Кашгаринин жогорку маалыматынын биринчи бөлүгүндө орчундуу факт чагылдырылган. Анда байыркы түрктөр он эки айдын атын билдирген сөздөр асмандагы он эки зодиак жылдыздын атынан келип чыгары жана он эки айды билдирген сөз он эки жылды туюнтуу үчүн кабыл алынганы таасын айтылган. *Чычкан, уй, барс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, доңуз* деген сөздөр алгач асмандагы он эки зодиак жылдыздын аты гана болгон. Кийин ар бир айда Ай менен тогошкон жылдыздын аты он эки айдын атын билдирип калган. Ушундай кылып улам кеңейтип колдоно берүүдөн улам, он эки айдын атын билдирген сөз кийин он эки жылдын, он эки күндүк жуманын, он эки сааттын атын билдирген сөзгө айланган.

«Дивандагы» маалыматтын экинчи бөлүгү — ойдон чыгарылган болмуш. Ал, биринчиден, жогоруда айтылганына карама-каршы келет. Хан он эки жылдын атын он эки зодиактын атын билдирген сөздөн алалы деген сунушуна каршы келет. Экинчиден, жаныбарлардын сууда сүзүү жөндөмдүүлүгү анын атынан келип чыгышына негиз болгон деп эсептөө чындыкка туура келбейт. Чычканга караганда жылан, улуу сыяктуу жаныбарлар сууда тез сүзөрү белгилүү. Жылкы, уй, ит, доңуздар чычканга караганда ылдам сүзөөрү шексиз. Демек, чычкан алардын баарынан мурда Иле дарыясын сүзүп өтүшү чындыкка окшобойт.

Жаныбарларды Иле дарыясынан сүздүрүп өткөргөн легенда байыркы элдердин он эки жылдын атынын келип чыгышын түшүндүрүп берүүгө кылган алгачкы аракеттердин бири дешке болот. Кыргыз элинде он эки жаныбар Күндү кимиси мурда көргөнүнө карата аталыптыр деген легенда да бар. Бул боюнча эртең менен эрте жаныбарлар күн чыгышты карап турат. Төө «мен көрбөгөндө ким көрөт эле» деп карап турса, «Мен көрдүм» деп чычкан биринчи

кыйкырып жиберет. Көрсө, ал төөнүн кулагына чыгып алган экен. Кулак көздөн өйдө болгондуктан, чычкан биринчи көргөн болуп эсептелип, төө жылга кирбей калат. Андан кийин уй күндү көрсүн дейли. Бирок жылкы менен уйдун бийиктиги бирдей, болбосо жылкы уйдан бийик. Эмне үчүн ал экинчи же үчүнчү болбойт? Барс үчүнчү жыл болуп турат. Барс жылкыдан бийик болуш үчүн бактын башына чыгып турушу керек. Антип, бактын башына чыга турган болсо мечин, тоок, жыландар баарынан бийик болуп, күндү мурда көрмөк. Бакка чыгуу жарабайт десек, төөгө чыгып алган чычкан эмне үчүн биринчи жыл болуп эсептелип калат? Бул легендага байланыштуу мындай карама-каршылыктар улам чыга берет. Негизгиси — жаныбарлардын Күндүн нурун биринчи көрүшүнө жараша жылдын аты болуп калышы жөнүндөгү легенда анчалык терең ойлонулбай туруп чыгарылган.

Мүчөл жылдардын аттарын билдирген 12 жаныбарды 6 арам, 6 адал деп бөлүү элге таралган. *Чычкан, уй, барс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, доңуз* деген жаныбарлардын 6 адалы же 6 арамы кайсылар экенин аныктоо кыйынчылыгы келип чыгат. Жогорку 12 жаныбардын ичинен *уй, коён, жылкы, кой, тоок* кыргыздар үчүн адал жаныбар болгон менен, алтынчысы кайсы жаныбар экенин аныктоо үчүн *улуу* деген жаныбарды *балык* менен алмаштырууга туура келген. Ошондуктан элде *улуу* жылын *балык* жылы деп айтуу кеңири колдонулат. Ушул жерде дагы бир сөздү айта кетүүгө туура келет. Көпчүлүк эл *барсты* жолборско, *доңузду* чочкого, *мечинди* маймылга алмаштырып айта берет. Мындай учурларда *барс, улуу, мечин, доңуз* деген аталыштары салт болуп калган официалдуу календардык термин катары таанылат, ал эми аларды алмаштырган *жолборс, балык, маймыл, чочко* деген сөздөргө алмаштырылып айтылганы карапайым сүйлөө тили менен айтылган түрү болуп эсептелет.

Кыргыз элиндеги 12 жаныбарды 6 адалга, 6 арамга бөлүштүрүү ислам дининин идеологиясына байланыштуу ки-

йин ойлонулуп чыгарылган дешке болот. Мүчөл жылдардын атына кирген 12 жаныбарды ар түрдүү кылып бөлүштүрүү чыгыш элдерине кеңири тараган, алар ар бир элдин турмуш-тиричилигине, көз карашына тыгыз байланышкан. Алсак, кытай эли 12 жаныбардын алтоон *жарык* же *эркек* жыл деп билсе, калган алтоон *караңгы* же *ургаачы* жыл деп билген[5]. Корейлер болсо 12 жылдын ичинен *чычкан, уй, барс, коён, жылкы, кой* жылдарын «түктүү жылдар» деп эсептеп, жаңы жыл ушул жаныбарлардын биринин аты менен аталган күнү келсе, жыл жакшы болот, ал эми «түгү жок» жаныбарларга *улуу, жылан* эсептелип, ал жылдары жут, кургакчылык болот деп түшүнүшкөн[6]. Кыргыз элиндеги *жылан жылы* жут болот деп түшүнүшү да ушуга байланыштуу келип чыккан болуу керек.

Монголдор мүчөл жылдардын алтоон *катуу (эркек)* жылдар деп билип, ага *чычкан, барс, улуу, жылкы, мечин, ит* жылдарын ыйгарып, уй, коён, жылан, кой, тоок, доңуз жылдарын *жумшак (аял)* жылдарга таандык кылган[7]. Тибеттиктер да 12 мүчөл жылдарды биринен сала бири кезектешип келе турган 6 *эркек,* 6 *аял* жылдарга бөлүштүргөн.

Он эки жаныбардын аты менен аталган жылдардын кайталанышы түрк жана монгол тилдеринде *мүчөл* деп аталат. Мүчөл адамдын 13, 25, 37, 49, 61, 73, 85, 97 жаштагы кезине туура келет. Биринчи мүчөл 12 жаштагы кези эмес, 13 жаштагы курагына туура келишин кыргыздар адамдын курсакта жатканын кошуп эсептөөгө байланыштырып түшүндүрөт. Биринчи мүчөл 13 жашка туура келишинин орчундуу себеби бар.

Л. Н. Гумилев он эки жаныбардын атынан турган жылдардын цикли Азиянын түштүгүндө пайда болгонун жылдын арасында маймылдын (мечин деген жылдын атын билдирген сөздүн) болушуна карап айтат (Л. Н. Гумилев. Древние тюрки. М., 1967, 342-бет). Чындыгында эле он эки жаныбардын аты менен аталган мүчөл жылдар байыркы заманда Индияда жаралган болуу керек. Ага мындай

негиздер бар. Биринчиден, Байыркы Индияда саноо бирден эмес, нөлдөн башталган. Индияда нөлдүн мааниси түшүнүктүү болгон менен, коңшулаш башка элдерге, атап айтканда, гунндарга, түрктөргө, монголдорго, кытайларга, япондорго, перстерге, арабдарга андай саноонун түпкү мааниси жеткен эмес. Биринчи мүчөл жыл 13-жылга туура келиши Индияда саноонун системасынан келип чыкса, аны түрктөр, монголдор өздөрүнө түшүнүктүү болгон, адамдын курсакта жаткан кезине байланыштырып, аны менен алмаштырган. Экинчиден, тооктун жапайы түрү жашаган мекени да — Индия. Жылдын аттарында 10-жылдын атын билдирген *тоок* деген сөз да мүчөл системасынын Индияда жаралганына күбө болот да, «маймыл жашаган жерде жаралган» деген Н. Л. Гумилевдин пикирине дагы кошумча өбөлгө болот.

Үчүнчүдөн, Индияда бир сутка 60 минутка бөлүнүп, 60 минутту бештен бөлүп он экиге ажыратарын Абу Райхан ал-Бируни XI кылымда эле байкаган. Байыркы Индияда 60тык, 12лик система өнүккөн. Саноонун мындай системасы байыркы Вавилониядан Индияга тарашы да мүмкүн. Байыркы кытайлар 60 минутаны он экиден бешке бөлүнүшүн өзүнчө системага айландырган. Беш минута календардык системадагы эң негизги беш элемент (жыгач, от, топурак, темир, суу) катары эсептелип, он экиге бөлүнүшү он эки жылдын аты катары кабыл алынган. Алар 12 жылдык циклдин беш кайталанышын түзгөн 60 жылды бир кылым катары эсептешкен.

Төртүнчүдөн, байыркы түрктөрдүн жазып кеткен маалыматтары боюнча алар бир жылдагы он эки айды экиден бириктирип, аны *кесин* же *кешин* деп атаган (Древнетюркский словарь. Л., 1969, 302-бет). Мындай кылып эки айды бириктирүү убакытты 60тык, 12лик система менен эсептөөгө байланышкан. Ар бир айда 30дан күн бар деп билгенде, аны 12 күндүк жумага так бөлүү мүмкүн эмес. Андыктан эки айды бириктиргенде 60 күн болот. Аны он эки күндүк беш жумага бөлүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

«Байыркы түрк сөздөрүндөгү» фактыларга караганда ал кезде *мүчө, мүчөл* деген сөз түрк тилинде болгон эмес. Монгол тилинде *мөч* сөзү «бут» дегенди туюнтат. Кыргыз тилиндеги *мүчө* сөзүнүн мааниси көп. Анын алгачкы мааниси да монгол тилиндегидей «бут, аяк» дегенди туюнтушу мүмкүн. Азыр көбүнчө *он эки мүчө* делип айтылат. Бул *он эки мүчө* дегенибиз «малдын он эки жилиги» дегенге туура келет. Ар бир бутта үчтөн жилик бар. Төрт бутта он эки жилик болот. Малдын калган сөөктөрүн да төрт буттагы он эки жиликке бөлүштүрүүгө ылайык келет. Анткени малдын боконо кабыргасы сойгон кишиге ыйгарылат. Андан башка кабыргалар ар бир капталында он экиден жыйырма төрт болот. Кабырга менен ашташкан кара омурткалар да он эки, моюн омуртка жетөө, бел омуртка бешөө. Омурткалардын жалпы саны да жыйырма төрттү түзөт. Ошондо кабыргалар менен омурткаларды ар бир жиликке экиден бөлүштүрүүгө туура келет.

«Малдын бир буту» деген маанидеги *мүчө* сөзү алгачкы бойдон тура бербей, кыргыз тилинде «12 жилик — бүткүл дене» деген маани туюнтуп калышы жогоркудай себептерге байланыштуу келип чыккан. Малдын ар бир буту жылдын бир мезгили сыяктуу кабыл алынып, бир буттагы үч жилик ошол мезгилдеги үч айга барабар коюлган. Алгач *мүчө* деген сөз «төрт бут» дегенди туюнтса, кийин төрт буттагы он эки жиликти билдирген. Анан *мүчө* сөзү жиликтен башка нерселерге да карата да айтыла баштаган. Сөздүн жаңы мааниси келип чыккан. Мындай жаңы мааниси он эки жиликке окшоштурулган он эки айды билдиришинен башталган. Ал дагы кеңип, он эки жылды билдирүүгө өткөн.

*Мүчөл* сөзү *мүчө+л* деген бөлүктөрдөн турат. Мындагы *мүчө* сөзүнүн уңгусу — *мүчө* деген этиш. Ал этиш кыргыз тилинде «он эки жылдык мөөнөткө жашоо» дегенди билдирет. Мисалы: *бир мүчөдү, эки мүчөдү* ж. б. Ошол этишке зат атооч жасоочу *-л* мүчөсү жалганып, *мүчөл* сөзү келип чыккан. Мындай мүчө *жырга-жыргал, куура-куу-*

*рал* деген сыяктуу сөздөрдө даана байкалат. *Мүчөл* сөзү «12 жылдык убакыт» дегенге барабар маани берет.

Түрк элдери колдонгон мүчөл жылдары монгол, япон, кытай элдери колдонгон мүчөл жылдарына туура келет. Саноого оңой болсун үчүн белгилүү бир жүз жылдык боюнча санаганда, он эки жылдан улам алмашып келиши 300 жылда кайра кайталанат. Алсак, 1900-, 1600-, 1300-, 1000-, 700-, 400-, 100-жылдар чычкан жылына туура келген. Биздин эранын 4-жылы да чычкан жылы болгон. Он эки жылдын кайсынысынын гана албайлы, ал 25 жолу кайталанган соң 300 жыл өтүп, белгилүү бир так же жуп сандан башталышы боюнча туура келе берет.

Бардык элдерге бирдей болуп тараган бул жылдардын тартиби атайылап өзгөртүлгөн учурлар да болгон. Жетишаарды бийлеп турган Султан Саид-хандын тушунда (1487—1533) мындай окуя болот. Эл тынымсыз согуштун, так талашуунун кесепетинен аябай жакырланат. Султан Саид-хан өзү бийликке келген соң (1517-жылы) элден он жылга чейин алык-салык албаймын деген жарлык кылат. Беш жыл өтөт, хандын казнасында эч нерсе калбайт. Уазир менен бектер ханга айтпай, элден салык ала баштайт. Алтынчы жылы бектер кеңешип алып ханга келет да: «Биз уй жылы (1517-жылы) келдик эле, азыр ит жылы (1526-жыл) келди. Арадан он жыл өттү. Элден салык алгыдай Сизден жарлык болор бекен?» — дешет. Хан алардын сөзүнө макул болуп 1522-жылды жылкы жылы дебестен, ит жылы деп эсептеп, алык-салык алуу үчүн төрт жылды алга жылдыртып жиберет.

12 жаныбардын аты менен аталган жылдардын циклин билдирген сөздөр чыгыш зодиагы болуп эсептелет. Бирок жылдын аты болуп калган жылдыздар Батыштагы зодиакадагы кайсы жылдыздарга туура келери белгисиз. Аны аныктоо үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу керек. Жылдын аттарында да *уй* жылы бар. Ушундай эле ат Батыштагы элдер ойлоп чыгарган зодиакада да жолугат. Башка аттардын мындай дал келүүсү жылдын атын билдирген сөз-

дөр менен зоднаканын ортосунда жок. Мындай окшоштук кокустук эмес деп эсептелгенде, *уй* жылынын атын билдирген сөз *уй* жылдызына (Телец) туура келген сөз болуп чыгат. Ошондо башка жылдын аттары да белгилүү бир жылдызга туура келет.

| № | Жылдын аты | Байыркы түркчө зоднак | Орусча зодиак | Кыргызча зоднак |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Чычкан | Козу | Овен | Козу |
| 2. | Уй | Уд | Телец | Үркөр |
| 3. | Барс | Эрентир | Близнецы | Босого |
| 4. | Коён | Кучык | Рак | Саратан |
| 5. | Улуу | Арслан | Лев | Арстан |
| 6. | Жылан | Буглай башы | Дева | Сумөула |
| 7. | Жылкы | Үлгү | Весы | Тараза |
| 8. | Кой | Чалан | Скорпион | Чаян |
| 9. | Мечин | Йа | Стрелец | Жаа |
| 10. | Ит | Көнөк | Водолей | Көнөк |
| 11. | Тоок | Оглак | Козерог | Теке |
| 12. | Доңуз | Балык | Рыбы | Балык |

Байыркы чыгыш элдеринде 12лик система өнүгүп, 12 жылдыздын (зоднактын) атын билдирген сөз 12 жылдын атын да, 12 күндүк жуманын атын да, 12 сааттын атын да билдирүү үчүн колдонулган. Анын айрым калдыктары

| № | Жылдын аты (калмакча) | Жылдын аты (кыргызча) | Айдын аты (калмакча) | Айдын аты (орусча) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Хулhн (жил) | чычкан | хулhн (сар) | октябрь |
| 2. | Үкр | уй | үкр | ноябрь |
| 3. | Бар | барс | бар | декабрь |
| 4. | Туула | коён | туула | январь |
| 5. | Лу | улуу | лу | февраль |
| 6. | Моhа | жылан | моhа | март |
| 7. | мөрн | жылкы | Мөрн | апрель |
| 8. | хөн | кой | Хөн | май |
| 9. | Мечн | мечин | мечин | июнь |
| 10. | Таха | тоок | таха | июль |
| 11. | Ноха | ит | ноха | август |
| 12. | hаха | доңуз | hаха | сентябрь |

азыркы күнгө чейин келип жеткен. Алсак, азыркы калмак тилинде айлардын атын билдирген сөздөр 12 мүчөлдү билдирген сөзгө туура келет. Ошол эле учурда ал сөздөр белгилүү бир саатты да туюнтат. Бирок кайсы саатты билдиргени өтө чатышып, ырааттуулугу сакталбай калган. Қалмак тилиндеги 12 айдын аты менен он эки жылдын аты төмөнкүчө:

А. В. Бурдуков батыш Монголияда бир сутка 12 саатка бөлүнүп, алар мындайча болорун баяндайт: эртең мененки саат 4 төн 6га чейин туулай цаг (коён сааты), эртең мененки 6дан 8ге чейин луу цаг (улуу сааты), саат 8ден 10го чейин могой цаг (жылан сааты), саат 10 дон 12ге чейин морин цаг (жылкы сааты).

Түшкү 12ден 14кө чейин хонин цаг (кой сааты),
күндүзгү 14төн 16га чейин бичин цаг (мечин сааты),
күндүзгү 16дан 18ге чейин тахиа цаг (тоок сааты),
кечки 18ден 20га чейин нохай цаг (ит сааты),
кечки 20дан 22ге чейин гахай цаг (доңуз сааты),
түнкү 22ден 24кө чейин хулгана цаг (чычкан сааты),
түнкү 24төн 2ге чейин үхэр цаг (уй сааты),
түнкү 2ден 4кө чейин барс цаг (барс сааты).

Азыркы калмак тилинде жогоркудай система толук сакталбаган. Ошондой болсо да, анын айрым элементтери унутулган эмес. Бирок алар чаташып калган. Алсак, «Қалмакча-орусча сөздүктө» туулай цаг — түнкү саат 2 ден 4 кө чейинки мезгил, такай цаг — таңкы 4 төн 6га чейинки мезгил, хулhна цаг — түнкү 10 дон 12 ге чейинки мезгил, нохай цаг — кечки күүгүм, барс цаг — түнкү саат 2 ден 4 кө чейинки мезгил деген карама-каршы келе турган убакыттар көрсөтүлгөн. Ал эми бурятча-орусча сөздүктө морин саг — эртең мененки саат 8—9, могой саг — эртең мененки саат 7—8, хулгана саг — саат 2 делип берилген. Бирок бардык 24 саат 12 мүчөлдү билдирген сөздөр менен кандайча туюнтулары көрсөтүлгөн эмес.

Қалмак, монгол, бурят тилдериндеги 12 жылдын атын билдирген сөздөр аркылуу кайсы сааттар туюнтулары бел-

гилүү бирдикти сактабайт. Эгерде монголдор азыркы күндөгүдөй түшүнүп, сутканын башталышын түнкү саат 00дөн баштаса, анда А. В. Бурдюков көрсөткөн сааттар да так эмес болуп чыгат. Чычкан сааты түнкү 00 дөн 2 ге чейинки мезгилди, уй сааты 2 ден 4 кө чейинки мезгилди билдириши мүмкүн. Ушундай улана бергенде доңуз сааты түнкү 22—24 саатты билдирип, чычкан сааты кайра 00—2 саатка туура келмек. Ал эми калмакча-орусча, бурятча-орусча сөздүктө келтирилген фактылар мындай системага таптакыр туура келбейт. Же элдин өзү андай саат системасын унутуп, анохронизмге айланган нерсени чаташ түшүнүп калган, же сөздүктү түзүүчүлөр жаңылыштык жиберишкен.

Байыркы түрктөр да сутканы монголдорчосунан түнкү саат 12 ден баштап эсептеген бекен же эртең мененки мезгилден баштады бекен, ачыгын айтуу азырынча кыйын. Эгерде күндү (сутканы) эртең мененки мезгилден баштаган деп билсек, анда байыркы түрктөр саатты эсептөөнүн эки ыкмасынын бирин колдонушу мүмкүн. 1) Эртең мененки күн чыккандан баштап, күн батканга чейинки мезгил 12 саатты түзүп, алар өзүнчө саналган, түнкү 12 саат бир башка эсептелген. 2) Эртең мененки күн чыккандан тартып ар бир эки саат бир саат катары эсептелип, бир сутка (күнү менен түнү кошулуп) 12 саатты түзгөн. Ушундай дешке мындай негиздер бар. Кыргыз элинин түшүнүгү боюнча түнкү мезгил өткөн күндүзгү мезгилге кошулат. *Эртең, эртеңки күнү* деген сөз түнкү мезгилди эмес, күн чыккандан кийинки мезгил дегенди туюнтат. Байыркы түрктөр да ушундай түшүнгөн деп билип, орто кылымдардагы уйгурлардын арасында сакталган *йунд өд, бичин өд* дегендерине караганда аларда сааттар да 12 мүчөлдүн аты менен аталган. Ошол эле уйгурларда 12 күндүн аты да 12 мүчөл менен аталганы белгилүү. Бирок 12 айдын аты гана 12 мүчөлдүн аты менен аталган эмес. Ал кемчилик кытай, корей, тибет, монгол элдери колдонгон календарь менен толукталат. Ал элдерде 12 зодиактын атын билдир-

ген сөз айды да, саатты да туюнтат. Ошондо 12лик система толук түрдө колдонулганда, 12 жылга, 12 айга, 12 күнгө, 12 саатка карата айтылган болуп чыгат.

Ушундай толук системанын ичинен азыркы кезде жылдын аттары гана сакталып, айдын аттары башка сөз менен алмашылса, күндүн, сааттын аттары ал сөздөр менен аталышы кыргыз тилинде биротоло унутулган.

## ЖЫЛ СҮРҮҮ

Эл кат-сабатсыз кезде жыл сүргүч кишилер болгон. Андай кишилер 12 мүчөл жылды билген. Адамдын өмүрүнүн 13, 25, 37, 49, 61. 73, 85, 97... жашы мүчөл жылы делип таанылгандыктан, үстүдөгү жыл кимдир бирөөнүн мүчөгөн жылына туура келсе, анда ал киши ушул жаштардын бирине келген болот. Ал эми андай болбогон учурда үстүдөгү жыл кайсы экенин билүү керек. 1990-жылы чычкан жылы туулган киши 6, 19, 31, 43, 55, 67, 79, 91 жаштын биринде болот. Ошол эле чычкан жылы туулган киши 2000-жылы 4, 17, 29, 41, 53, 65, 77, 89, 101 жаштын бирине келет.

Кыргыздын жыл сүргүчтөрү алгач адам канча жашта экенин же кайсы жылы туулганын сурап, аны билген соң суроого жооп айткан. Ал үчүн адам кайсы жылы туулганын билсе, маселен, коён жылы дейли, үстүбүздөгү жыл кайсы экенине жараша алдыдагы коён жылынан бери канча жыл өткөнүн аныктаган. Үстүдөгү жыл доңуз жылы болсо, анда коён жылынан доңуз жылына чейин 9 жыл өтөт. Ошондуктан, коён жылы туулган киши 9, 21, 33, 45, 57, 69, 81, 93 жаштын бирине чыгат.

Эгер киши кайсы жылы туулганын билбей, канча жашта экенин гана айтса, анда жыл сүргүч адам үстүдөгү жыл кайсы экенине жараша эсептеп чыгарган. Үстүбүздөгү жыл жылан жылы болсо, берки адамдын жашы 30 да болсо, анда мындай эсептеген. Отузга жакын мүчөл жыл 25 бол-

4—231

| жылдын аты | айдын аты | күндүн аты | сааттын аты | күндүзгү саат | түнкү саат |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. Чычкан | чычкан (апрель) | чычкан | чычкан (00—02) | 00—01 | 00—01 |
| 2. Уй | уй (май) | уй | уй (02—04) | 01—02 | 01—02 |
| 3. Барс | барс (июнь) | барс | барс (04—06) | 02—03 | 02—03 |
| 4. Коён | коён (июль) | коён | коён (06—08) | 01—04 | 03—04 |
| 5. Улуу | улуу (август) | улуу | улуу (18—19) | 04—05 | 04—05 |
| 6. Жылан | жылкы (сентябрь) | жылан | жылан (10—12) | 05—06 | 01—06 |
| | | жылкы | жылкы (12—14) | 06—07 | 06—07 |
| 7. Жылкы | жылкы (октябрь) | | | | |
| 8. Кой | кой (ноябрь) | кой | кой (14—16) | 07—08 | 07—08 |
| 9. Мечин | мечин (декабрь) | мечин | мечин (16—18) | 08—09 | 08—09 |
| 10. Тоок | тоок (январь) | тоок | тоок (18—20) | 07—10 | 09—10 |
| 11. Ит | ит (февраль) | ит | ит (20—22) | 10—11 | 10—11 |
| 12. Доңуз | доңуз (март) | доңуз | доңуз (22—24) | 11—12 | 11—12 |

гондуктан жылан жылына чейинки беш жылды санаган. Алар чычкан, уй, барс, коён, улуу жылдары экенин билип, ал киши улуу жылы туулганын аныктаган. Ошондо канча жашта экенин билип, бирок кайсы жылы туулганын билбеген кишинин туулган жылы аныкталган. Дагы бир мисал. Кимдир бирөө кой жылы 30 жашка чыкты дейли. Ал кишинин отузга жакын мүчөлү 25 экенине таянып, кой жылына чейинки беш жылды тескери эсептейбиз. Кой жылынын алдында жылкы, жылан, улуу, коён, барс жылдары бар экенин билген соң, ал киши уй жылы туулган деп аныктоого болот. Аны азыркы эсеп боюнча эсептесек: 1948-жылы (уй жылы) туулган киши 1979-жылы 30 жашка же 1991-жылы кой жылы болгондуктан 1961-жылы туулган киши 30 жашка чыгат.

Кыргыздар адамдын мүчөл жылы оор болот деп эсептейт, ал жылы адам катуу оорушу, кырсыкка учурашы же өлүшү мүмкүн имиш. Бирок мындай түшүнүк мүчөл жылдарга өзгөчө көңүл бурууга байланыштуу келип чыккан, чындыгында ал жылдар демейдеги жылдар сыяктуу эле адамдын социалдык абалына, кызматына, түшүнүгүнө, таалим-тарбиясына жараша белгилүү бир ыраат менен өтө берет. Кээде мүчөл жылы кырсыкка учурап калуулар дал келиши мүмкүн. Маселен, Чыңгыз-хан 1155-доңуз жылы туулуп, 1227-жылы 73 жашында дүйнөдөн кайткан[8]. Мындай дал келүүлөр кокустук катары таанылышы керек. Анткени монгол элинин өзүндө мүчөл жылдарды оор жыл деп эсептебей, аягы тогуз менен бүткөн жылдар эсептелип, алардын эң оору тогузду тогузга көбөйткөндөгү 81 жашка чыккан курак саналат. Мындай жашты батыраак өтүп кетүү үчүн монголдор 81 жашка толор кишинин үйүнө жаңы жыл алдында чогулуп, салтанаттуу белгилешет. Кийин жыл жаңырганда ал кишини 82 жашка келди деп жарыялап коюшат да, 81 жашты аттап өтүп кетет.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Азыркы календардык система кабыл алынганга чейин ар түрдүү календардык системадагы жыл эсептөөлөр колдонулуп келген. Кыргыз элинде мусулман дини менен кошо кирген хижра боюнча, ошондой эле 12 циклдүү жылдардын оошуусу боюнча эсеп жүргүзүү же нооруздама жасоо аркылуу жаңы жылды белгилөө сыяктуу ар башка календардык системанын калдыктары сакталып калган. Хижра боюнча эсеп 622-жылдын 15-июнунан башталган. Ошол күнү Мухаммед пайгамбар Мекеден куулуп, Мединага барат. Бул окуя Айдын жаңы көрүнгөн күнүнө туура келген. Мухаммеддин буйругу боюнча жыл мезгили жаңыча эсептеле баштайт. Он эки жолу Ай жаңырган соң бир жыл болду деп эсептейт. Ай календары боюнча бир жылда 354—355 күн болот да, ал жер Күндү айланып чыгышынан 11—12 күнгө алдыга озуп кетет. Ошентип, отуруп 32 жарым жылда бир жылга алга кетип калат. Мусулманча жыл башы болуп мухарам айы эсептелет. Бирок ал күн атайын белгиленбейт. Рамазан айы бүткөн соң жаңы Ай жыл сайын 11—12 күнгө мурда келет. 12 циклдүү жыл эсебин жүргүзүү байыркы япон, монгол, түрк, кытай элдерине кеңири таралган. Он эки циклдүү жылдар мындайча тартипте келет: чычкан, уй, барс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, доңуз. Он эки жыл өткөн соң, кайра башынан түшөт. Ошентип, жыл саноо улана берет. Мындай эсеп жүргүзгөн элдер үчүн жылдын башы болуп жазгы күн менен түн теңелген мезгил же жаз келген мезгил эсептелген.

Жылдын башы болгон чычкан жылы Козу жылдызына туура келиши 12 жылдуу цикл менен жыл эсептөө системасы батыш элдеринде Козу жылдызы жазгы күн менен түн теңелген кезде чыгыштан күн менен кошо чыккан (биздин эрага чейинки 1000-жылдан тартып биздин эранын 1000-жылдарына чейинки) мезгилге туура келет. Демек, чыгыш зодиакасы пайда болгон мезгил батыш зодиа-

касы пайда болгон мезгилге жашташ, экөө бир мезгилде жаралган. Кыргыз элинде байыркы ирандыктардын календардык системасынан келип чыккан айрым салттар да бар. Алсак, кышкы чилде чыккандан кийин дагы *апкыт-сапкыт алты күн болору* айтылат. Бул *апкыт-сапкыт алты күн* дегени байыркы ирандыктар кышкы чилде өткөн соң жаңы жыл келет деп эсептешине барып байланышат. Алар өздөрүнчө *хурдад* деген айынын 11-числосун жаңы жыл деп эсептешкен. Анткени алар кышкы чилде 25-декабрде түшүп, 5-февралда чыгат деп билишкен. Бирок ар бир ай 30 күндөн болгондо бир жылда 360 күн болуп, 5—6 күн жетпей калган. Аны чилдеден кийин кошуп, жаңы жылды (ноорузду) 11-февралда белгилешкен. Талас өрөөнүндөгү кыргыздарда арпа менен буудайдан көчө жасап ичүү салты 16—17-февралда өткөрүлөт. Бул боюнча чилде 1-январда түшөт, 10-февралда 40 күн болот, ага дагы апкыт-сапкыт алты күндү кошот. Ошондой 16—17-февраль жаңы жыл башталган күн болуп эсептелет. Ал эми Тоолуу-Бадахшандагы кыргыздар Ноорузданы 22-мартта өткөрөрү жөнүндө маалыматтар бар. Буга караганда жаңы жылды белгилөө жазгы күн менен түн теңелген мезгилге туура келет.


Ноорузданы өткөрүү үчүн түктөлгөн арпа менен буудайдан жасалган көчөнүн колдонулушу да көп нерседен кабардар кылат. Ноорузданы алгач майрамдай баштаган кезде элдер ундан кандайча тамак даярдоону жана жасоону билген эмес. Кийин ун жасоону өздөштүргөндө деле, көчөдөн тамак жасоо салты өзүнчө ритуал катары сакталып кала берген.

## ҮРКӨР

Байыркы грек философу Анаксагордон «Адам дүйнөгө жаралып, өмүр сүрбөй эле койбой, эмне үчүн жашайт?» — деп сураганда «Асманды, андагы жылдыздарды, Айды жана Күндү байкоо үчүн» — деп жооп берген экен[9]. Андан

бери далай заман өттү, астрономдор, окумуштуулар көптөгөн ачылыштарды жаратып, ааламдын сырын адам баласына алда канча түшүнүктүү кылып берди. Ошондой болсо да асманга дагы эле кайра-кайра көз жүгүртүп, ата-бабаларыбыз асмандагы Айдын, Күндүн, жылдыздардын кыймылынан эмнени көрүп, аны кандай түшүнгөнүн аныктап, аны кандайча пайдаланганын табууга аракеттенүү зарыл.

Ушундай маселелердин чечилишине Үркөр жылдызынын атынын келип чыгышын изилдөө айкын мисал боло алат. Үркөр асманда жыбыраган сан жылдыздардын арасында өзүнчө топ болуп турган өтө таанымал жылдыздардан болуп эсептелет. Ошондуктан, Үркөр жылдызы көпчүлүк тилдерде өзүнчө ат менен аталат. Азыркы кыргыз тилинде өтө таанымал болгон Үч аркар, Жетиген, Алтын казык жылдыздарынан башка жылдыздардын аты белги-





Күзгү түндүн түштүк жагы.

сиз. Үркөр жылдызынын атынын келип чыгышы оир-эки сөз менен айтып түшүндүрүү өтө кыйын. Анын тарыхый, календардык жана лингвистикалык жактарын чечмелеп бергенде гана сөздүн келип чыгышынын сыры толук аныкталат.

IX кылымда жазылган «Кутадгу билик» дастанында «Козы йазгы йултуз баса уд келир» (Козу жазгы жылдыз жана уй келер») деген маалымат учурайт. Мындагы *козу, уд* деген сөздөр асмандагы зодиакалык 12 жылдыздардын системасына байланыштуу болгондуктан, орусча Овен, Телец делип которулган. Чындыгында байыркы түрктөр Уд жылдызы аркылуу Үркөрдү түшүнгөн. Аларда Үркөр үчүн бир сөз, анын тобуна кирген Гиаддар жана Альдебаран жылдызы үчүн өзүнчө сөз, жалпы Телец үчүн башка сөз колдонулуп, дифференциялоо болгон эмес. Ошондуктан, зодиак жылдыздарынын атындагы Телец сөзүн кыргыз тилине *уй* түрүндө которуп, Плеяды *Үркөр* деп, Гиады дегенди Гиаддар деп, Альдебаранды которбостон, Альдебаран түрүндө алганыбыз оң келет.

«Кутадгу билик» дастанынын автору Юсуп Баласагуниге замандаш Махмуд Кашгаринин «Дивани лугат иттүрк» деген жыйнагында *уд* сөзү 12 жылдык циклдеги 2-жылдын атын билдиргени баяндалат, анда Үркөрдү *Үлкер* деген сөз туюнтары көрсөтүлгөн. Ушуга караганда XI кылымда Орто Азияда *Уд* сөзү «Үркөр» маанисинде айтылса, Чыгыш Түркстанда *Үркөр* сөзү колдонула баштаган. Азыркы кезде *уд* сөзү андай мааниде колдонулушу бардык түрк тилдеринде унутулуп, анын ордуна *Үркөр (Үлкөр)* сөзү гана айтылып калганын баса белгилөөгө болот. Ошондо мындай маанилүү тыянак келип чыгат: алгач түрк элдеринде *уд* деген сөзү гана *үркөр* деген мааниде колдонулган: XI кылымда айрым түрк тилдеринде *үркөр (Үлкөр)* сөзү *уд* сөзүнө жарыш колдонула баштаган. Андан кийинки мезгилдерде *үркөр* сөзү бардык түрк тилдеринен *уд* сөзүн сүрүп чыгарып, өзү гана колдонулуп калган.




Кышкы түндүн түштүк жагы.

Азыркы астрономия илиминде зодиака аталган 12 жылдыз асманда Күн менен Ай басып өткөн жолунда турат да, ар бири белгилүү бир айга туура келери маалим. 12 зодиактын башталышы болуп Козу жылдызы эсептелет. Ал жылдыздын зодиактын башталышы болуп кабыл алынышы тарыхый себептерден улам келип чыккан. Байыркы гректер вавилондуктардын астрономиялык билимди өздөштүрүп, жылдын башталышы деп жазгы күн менен түн теңелүү мезгилин алган. Ошол кезде Күн 22-мартта Козу жылдызы менен бирге чыгып, бирге баткан. Бул мезгил биздин эрага чейинки 1000-жылдан тартып, биздин эранын 1000-жылына чейин созулган. Биздин эранын 1000-жылынан кийин зодиактар алга бир кадам жылышып, 22-мартта Балык жылдызы менен кошо чыга турган болуп калган. Жазгы күн менен түн теңелүү мезгилинде Козу жылдызы Күн менен кошо чыгышы 3000-жылга чейин созулат, андан кийин анын ордуна дагы 2000 жылга Көнөк жылдызы келип турат. Асмандагы жылдыздардын акырындап оошу-


су ушинтип улантыла берет. Бирок алгачкы жыл башталган мезгил Козу жылдызы 22-мартта Күн менен кошо чыккан астрономиялык эсептөөнүн башталышы болуп кала берген. Натыйжада асмандагы зодиак мындайча тартипте эсептелет: 1) Овен, 2) Телец, 3) Близнецы, 4) Рак, 5) Лев, 6) Дева, 7) Весы, 8) Скорпион, 9) Стрелец, 1) Козерог, 11) Водолей, 12) Рыбы. Ушундай тартипти буэбай сактоодон улам Европа элдеринде, азыркы астрономиялык илимде Козу жылдызын өзгөчө баалоо (культка айландыруу) салты келип чыккан. Азыркы кезде 22-мартта Күн Балык жылдызы менен кошо чыкса деле, жазгы күн менен түн теңелүү точкасы Козу жылдызынын символу менен белгиленет[10]. Койдун эки мүйүзүн элестеткен символ Козу жылдызын туюнтканына карабастан, азыркы кезде ал жерде Балык жылдызы турат деп билебиз.

Кыргыз, казак элдеринин түшүнүгүндө Козуну эмес, Үркөрдү (Телецти) өзгөчө баалоо салты бар. Бул боюнча жылдын 12 айы Үркөр менен Айдын тогошконуна карата аныкталат. Азыркы кезде 23 тогоол июнга, 21 тогоол июлга, 19 тогоол августка, 17 тогоол сентябрге, 15 тогоол октябрге, 13 тогоол ноябрге, 11 тогоол декабрге, 9 тогоол январга, 7 тогоол февралга, 5 тогоол мартка, 3 тогоол апрелге 1 тогоол майга туура келет. Бирок мындай туура келүү дайыма эле өзгөрүүсүз тура бербейт, асмандагы 12 зодиак 2000 жылда бир кадамга жылышып өзгөрүшүнө жараша тогоолордун белгилүү бир айга туура келиши да өзгөрөт. Ошону менен бирге асмандагы Айдын жерди айланышы жылына 10—11 күнгө алдыга кетип калат. Ушундай алдыга кетүүлөр 32 жарым жылда бир жылга барабар болот. Үркөр менен Айдын тогошуусу боюнча эсеп жүргүзгөндө жогоркудай өзгөрүүлөр да көңүлгө алынууга тийиш.

Үркөрдү өзгөчө баалоо салты, биздин оюбузча, мындайча келип чыккан. Жазгы күн менен түн теңелүү мезгилинде Күн Үркөр жылдызы менен кошо чыккан. Ошол кезде Айдын 23ү эле, ал Күн чыгардын алдында кыңы-

рыктай болуп зорго көтөрүлгөн же көрүнбөй, Күндүн нурунун далдасында калган. Байыркы элдер Айды азыркы кездеги астрономиялык жаңыруудан 2 күнгө кечиктирип жаңыртышкан. Алар Айдын кечке маал батыш жээктен кылайып көрүнүшүнөн тартып жаңырды деп билишкен.

Эсепти Ай календары менен Күн календарына теңеп жүргүзүү зарыл болгон учурда эки жарым жылдан кийин




Зодиак жылдыздарынын астрономиялык илимде алынган белгилери.

Ай бир жылда 13 жолу жаңырарын байкашкан соң, Ай календары менен Күн календарын теңөө үчүн элдер 13-кошумча айды киргизишкен. Мындай учурда Ай 25-числосунда тогошкон катары эсептелген. Ал эми 25инен кийин Ай эртең менен Күн менен кошо чыгып, анын далдасынан көрүнбөй калат. Ошондуктан байыркы түрктөр Айдын аягындагы бир күндү жана жаңыргандагы алгачкы күндү «ай сайу ики күн Ай теңри йарук күчүн алматын йорыйур» (ай сайын эки күн Ай теңири жарык күчүн албай калкыйт) деп билишкен[11].

Ошондуктан, кыргыздын ай эсебиндеги 9 тогоол, 7 тогоол, 5 тогоол, 3 тогоол, 1 тогоол деген айлардын атынан келип чыгышына себеп болгон Үркөрдүн Ай менен тогошуусуна негизделген календардык системадагы Үркөрдү өзгөчө баалоо салты биздин эрага чейинки 3000-жылдардын аралыгындагы астрономиялык кубулуштун негизинде келип чыккан.

Орусча Овен, Телец, Близнецы, Рак, Лев, Дева, Весы, Скорпион, Стрелец, Козерог, Водолей, Рыбы деген 12 зодикалык жылдыздын атын байыркы иран элдеринен кабыл алышып, өздөрүнө Козы, Уд, Эрентир, Кучык, Арслан, Бугдай башы, Үлгү, Чадан, Йа, Оглак, Көнөк, Балык деп которушкан. Буларды азыркы кыргыз тилине Кой, Уй (Үркөр), Босого, Саратан, Арстан, Сумбула, Тараза, Чаян, Жаа(чы), Теке, Көнөк, Балык деп которууга болот. Саратан арабча «Рак» дегенди билдирет. Сумбула арабча «Колос» дегенди билдирет да, байыркы түркчө Бугдай башы дегенге туура келет. Тараза иранча Весы дегенди туюнтат. Мындай аттар араб, иран тилдериндеги 12 зодиактын аты болуу менен бирге, айрым учурда белгилүү бир айдын аты катары кыргыз говорлорунда айтылат. Ал эми азыркы кыргыз тилиндеги 12 айдын атын 12 зодиакка, байыркы түркчө зодиакка салыштырганда мындай болуп чыгат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. Январь | 9 тогоол — Козерог | Теке (Улак) | Тогуз тогоол |
| 2. Февраль | 7 тогоол — Водолей | Көнөк | Жети тогоол |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. Март | 5 тогоол — Рыбы | Балык | Беш тогоол |
| 4. Апрель | 3 тогоол — Овен | Кой (козу) | Үч тогоол |
| 5. Май | 1 тогоол — Телец | Үй (Үркөр) | Бир тогоол |
| 6. Июнь | 23 тогоол — Близнецы | Босого | Жалган куран |
| 7. Июль | 21 тогоол — Рак | Саратан | Чын куран |
| 8. Август | 19 тогоол — Лев | Арстан | Бугу |
| 9. Сентябрь | 17 тогоол — Дева | Сумбула | Кулжа |
| 10. Октябрь | 15 тогоол — Весы | Тараза | Теке |
| 11. Ноябрь | 13 тогоол — Скорпион | Чаян | Баш оона |
| 12. Декабрь | 11 тогоол — Стрелец | Жаа (чы) | Аяк оона |

Эң алгач Ай менен Үркөрдүн тогошкону боюнча эсеп жүргүзгөн кезде бир жылдагы айлардын туура келиши жогоркудан башкача болгон. Ал кезде Уд (үркөр) жылдызы Ай менен 22-мартта тогошуп, 22-марттан 21-апрелге чейинки мезгили 23 тогоол айына, же кийинки кыргыз айларынын аталышы боюнча, жалган куран айына туура келген. Биздин эрага чейинки 3000-жылдардан бери беш миң жылдан ашык мезгилдин ичинде 23 тоголушта Күн менен Үркөр жылдызынын жазгы күн менен түн теңелгенде бирге чыгышы улам өзгөрүп отуруп, азыр эки баскычка алга жылып кеткен. Үркөрдүн 23 тогошу азыр июнь айына туура келип калган. Ай календары боюнча эсеп жүргүзгөндө Ай жылына 10—11 күндөн алдыга озуп кетишкенинин натыйжасында ушул мезгилдин ичинде Күн календарынан 156 (5000:32-156) жылга алга кеткен. Ошол мезгилдин ичинде Айдын 12 зодиактын улам бирине жылып жүрүшү 12 жолудан бир аз ашыгыраак кайталанган (156:12=13). Демек, Айдын Үркөр менен тогошуусунун азыркы абалы мындан 5000 жыл мурдагыга туура келет. Ошол кездеги Ай менен Үркөрдүн 23 тогошу 22-мартка туура келген мезгилде эски кыргызча айлар жана азыркы айлар төмөнкүчө катышта болгон:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. Жалган куран | март | 23 тогоол | Уд (Үркөр) | Телец |
| 2. Чын куран | апрель | 21 тогоол | Босого | Близнецы |
| 3. Бугу | май | 19 тогоол | Саратан | Рак |
| 4. Кулжа | июнь | 17 тогоол | Арстан | Лев |
| 5. Теке | июль | 15 тогоол | Сумбула | Дева |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. Баш оона | август | 13 тогоол | Таразa | Весы |
| 7. Аяк оона | сентябрь | 11 тогоол | Чаян | Скорпион |
| 8. Тогуз тогоол | октябрь | 9 тогоол | Жаа (чы) | Стрелец |
| 9. Жети тогоол | ноябрь | 7 тогоол | Теке (Улак) | Козерог |
| 10. Беш тогоол | декабрь | 5 тогоол | Көнөк | Водолей |
| 11. Үч тогоол | январь | 3 тогоол | Балык | Рыбы |
| 12. Бир тогоол | февраль | 1 тогоол | Кой (Козу) | Овен |

Түрк тилдеринде *үркөр* сөзү ар кандай варианттарда айтылат. Мисалы: кырг. *үркөр,* азерб., баш, *үлкәр,* алт., хак. *үлгер,* шор., лоб. *үлгөр,* як. *үлгер,* каз., каракалпак. *үркер,* тув, *үгер* ж. б. Э. В. Севортян эң алгачкы түрү *р* тыбышы менен айтылган *Үркөр//Үркер* варианты деп эсептейт[12].

*Үркөр* деген сөздүн келип чыгышы жөнүндө ар түрдүү пикирлер бар[13]. Биздин далилибиз боюнча, *үркөр* сөзү түрк тилдерине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *ухэр* деген сөз кыргызча «уй» деген сөзгө туура келет, ошону менен бирге ал асмандагы *Үркөр* жылдызын да туюнтат[14]. Бурят тилинин качуг подговорунда монголчо *ухэр* сөзү *үрхэр* болуп айтылып, *х* тыбышынын алдына *р* тыбышы кошулган[15]. Бурят тилинин качуг подговорундай түрү алгач түрк тилдеринин биринде кабыл алынып, анан башка түрк тилдерине да тараган окшойт.

Кабыл алынган сөздөрдүн составына *р* тыбышы ашыкча кошулуп калышы иранча *гилас* сөзүнүн кыргыз тилине *киларс*[16] болуп кабыл алынышында жана орусча *сажен* сөзүнүн *саржан*[17] болуп кабыл алынышында да байкалат. Ошондуктан, монголчо *ухэр* түрк тилдерине кабыл алынганда сөздүн ортосундагы *р* тыбышын түрктөрдүн өздөрү кошуп коюшу да мүмкүн. Кантсе да түрк тилдериндеги *Үркөр//Үлкөр* сөзү монгол тилиндеги *Ухэр* деген сөздөн кабыл алынгандыгы талашсыз чындык. Алгач *Үркөр* сөзү байыркы түркчө *Уд* сөзүнүн монголчо эквиваленти катары колдонула баштап, мезгилдер өтүшү менен түркчө вариантын сүрүп чыгарып, анын ордуна өзү колдонуп калган. Бирок монголчо *Үркөр* сөзү 12 циклдүү жылдын атын билдирген сөздөрдүн системасындагы уй сөзүн алмаш-

тырган эмес. Кыргызча *чычкан, уй, барс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, доңуз* деген жылдардын атын билдирген система да чыгыш элдеринин фантазиясынын негизинде 12 зодиак жылдызга байланыштуу келип чыккан. Андагы *уй* деген жылдын аты Үркөр жылдызынын атына туура келет.

## АЙЛАР

Бир жылда канча күн бар экенин так биле элек кезде асмандагы Ай 29—30 күндө улам жаңырып турганына карата эсеп жүргүзүү оңой болгон. Ай 12 жолу жаңырганда 354—355 күн өтөт да, бир жылга жакын убакыт өтүп, табигый кубулуштар кайталанат. Байыркы элдерге Айдын жаңырышы боюнча эсеп жүргүзүү кеңири таралган. Бирок мезгилдер өтүшү менен Ай календарындагы мүчүлүштүктөр аныкталып, 11—12 күн кыска болгон жыл аларды канааттандырбай, Күн календарын колдонууга өтүшкөн.


Ай календары боюнча эсеп жүргүзгөндө *ай* деген сөз өз маанисинде болуп, Ай жаңыргандан тартып кайра Ай жаңырганга чейинки мезгил дегенди туюнткан. Азыркы Ай календары колдонулган чыгыш элдеринде ушундай. Кийин Күн календарын колдоно баштаганда *ай* деген сөз баштагыдан маанисин өзгөрткөн. Анткени бул календарь боюнча эсеп жүргүзгөндө *ай* деген түшүнүккө 30—31 күндүк убакыт камтылып, ал күндөрдүн Айдын жаңырышына болгон байланышы биротоло үзүлгөн. Эки жарым жылдан бир аз өткөндө асмандагы Ай бир жылда 13 жолу жаңырат. Азыркы календарь боюнча кандайдыр бир айдын 1-числосу болуп турса, асмандагы Айдын толуп турушу мүмкүн. Себеби, Күн календары Айдын жаңырышын эске албай, Жер шары Күнду бир айланып чыгышын эске алат.

## АЙДЫН АТТАРЫ

Улуу Октябрь Социалисттик революциясына чейинки кыргыз элинде туруктуу календардык система колдонулбай, ар кандай календардык системаны пайдаланып ке-

лишкен. Көпчүлүк кыргыздарда бир жылдагы он эки айды Жалган куран, Чын куран, Бугу, Кулжа, Теке, Баш оона, Аяк оона, Тогуз тогоол, Жети тогоол, Беш тогоол, Үч тогоол, Бир тогоол деп атоо тараса, диний салттарга байланыштуу арабча айдын аттары колдонулган: Мухарам, Сафар, Раби I, Раби II, Джумада I, Джумада II, Раджаб, Шаабан, Рамазан, Шавваль, Зульходжа, Зульхидже.

Ошону менен бирге Кыргызстандын түштүгүндө өзбек, тажик элдери менен тыгыз байланыштагы жерлерде 12 айдын атын «Хут, Эмал, Саур, Жевзе, Саратан, Эсет, Сүм-




Үркөр топ жылдызындагы жылдыздардын аттары.

бүле, Мисан, Хаус, Жадди, Делби» деп атоо да жайылган. Бул болсо арабча жана иранча асмандагы Ай менен Күн ар бир айда басып өткөн жолундагы 12 топ жылдыздан — зодиактын атын билдирген сөздөн келип чыгат.

Ислам динин кабыл алуу менен кыргыздар ай, жыл эсебин арабдарча жүргүзүүнү да кошо өздөштүрүшкөн. Эсеп Ай календары боюнча жүргүзүлүп, Ай 12 жаңырганы бир жылга барабар делип эсептелген. Бир жылда 354—355 күн бар болуп таанылып, бул эсеп боюнча жыл Күн календарына салыштырганда орто эсеп менен алганда 11 күнгө кыска болгон. Эл ичинде Күн календарына негизделген эсеп да жүргүзүлгөн. Кээде бул эки календардын системасындагы карама-каршылыктан келип чыккан чаташуулар да орун алган. Алсак, өткөн заманда Кочкор өрөөнүнө, «Ымандан Ырай чыкты, арадан бир ай чыкты» деген ылакап сөз тарайт. Окуя мындай болгон экен. Чогулган эл белгилүү бир окуя болуп өткөнүнө баланча убак болду деп сөз кылып жатканда Ыман уруусунан чыккан Ырай деген киши «Жо-ок, андай эмес, дагы бир ай ашык өттү» — деп, талаша кетет. Ырай кумалактарды санап, ар бир айда канча күн бардыгына жараша өзүнчө бөлүп-бөлүп коёт. Ошондо баягы сөз болуп жаткан датадан бери ашыкча дагы бир ай өткөнүн далилдеп берет. Анын далилдерине ишенбестен башка чарасы калбаган көпчүлүк «Ымандан Ырай чыкты, арадан бир ай чыкты» деген ылакап сөз айтып калган экен.

Ырайдын эсеби Ай календарына негизделип, Күн календары боюнча жүргүзүлгөн эсепке карама-каршы коюлган болуу керек. Айталы, Күн календары боюнча эки жарым жылдан бир аз өткөндө Ай календары бир айга озуп кетет, ал эми 32 жарым жылда бир жылга алдыга кетет. «Арадан бир ай чыкты» дегенине караганда, Ырай далилдеген дата эки жарым жыл мурда болгон окуяга байланыштуу деп айтууга болот.

К. К. Юдахин мурдагы ай аттарынын азыркыча кайсы айларга туура келерин жазардан мурда мындай туура

келүүлөр болжолдуу экенин атайын эскертет да, *үчтүн айы* — январь же февраль, андай болгондо калган айлардын аттары да сыйлыгышып кетерин баса белгилейт. Ушундай эскертүүлөр менен Константин Кузьмич эски кыргызча айлардын азыркы айларга туура келишин мындайча берет:


1. үчтүн айы — январь же февраль
2. бирдин айы — февраль же март,
3. жалган куран — март же апрель,
4. чын куран — апрель же май,
5. бугу — май же июнь,
6. кулжа — июнь же июль,
7. теке — июль же август,
8. баш оона — август же сентябрь,
9. аяк оона — сентябрь же октябрь
10. тогуздун айы — октябрь же ноябрь,
11. жетинин айы — ноябрь же декабрь,
12. бештин айы — декабрь же январь (Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь, М., 28-бет). Бирок жогоркудай эскертүүлөрдү алып салып, 1. үчтүн айы — январь, 2. бирдин айы — февраль, 3. жалган куран — март, 4. чын куран — апрель, 5. бугу — май, 6. кулжа — июнь, 7. теке — июль, 8. баш оона — август, 9. аяк оона,— сентябрь, 10. тогуздун айы — октябрь, 11. жетинин айы — ноябрь, 12. бештин айы — декабрь болуп туура келерин Х. К. Карасаев «Накыл сөздөр» аттуу китебинде ишенимдүү түрдө айтат. (Карасаев Х. К. Накыл сөздөр. Фрунзе, 1982, 300-бет; Өздөштүрүлгөн сөздөр, Фрунзе, 1986). Эки чоң окумуштуунун айтканына шек келтирип, «андай эмес, мындай» деп айтуу кыйын.

Ушул сыяктуу позицияда турган «Кыргызстан маданияты» газетасынын редакциясы К. К. Юдахиндин жана Х. К. Карасаевдин кыргызча айлардын эскиче аттарынын азыркы айларга туура келиши жөнүндө айткандарын нагыз чындык катары кабыл алышып, аны газетанын жаңы 1987-жылдын биринчи санына жарыялап, ушундай көз


караштьı жалпы элге тартуулашып, аны календарлык системада официалдуу түрдө колдонууну сунуш кылышкан. Мындай нерсени сунуш кылуудан мурда жети өлчөп, бир кесүү керек эле.

Кыргыздын эскиче айларында *тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы* деген тогуздан ылдыйкы так сандар менен аталган айдын аттары бар. Бул аттар эмнеге байланыштуу келип чыккан? деген элементардык суроого жооп тапмайынча, кыргызча айдын аттарынын келип чыгышынын негизги критерийлерин да таба албайбыз. Аны тапмайынча «эскиче баланча ай азыркыча түкүнчө айга туура келет» деген талаш-тартыш курулай акыйлашууга айланып тим болот.

Айлардын атындагы *тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы* деген паамдарды *тогуз тогоол, жети тогоол, беш тогоол, үч тогоол* деген сөздөр менен да алмаштырып айтуу кыргыз элине кеңири белгилүү. Антип айтканын толук укпаган киши да «беш тогоол өтпөй, бел чечпе» деген макалды сөзсүз эле угушу ыктымал. Демек, айлардын аттары Ай жаңыргандан канча күн өткөндөн кийин Үркөр менен тогошконуна жараша келип чыкканын ар ким баамдай алат. Ошондо *тогуздун айы* дегенибиз *тогуз тогоол* дегенге туура келип, Ай менен Үркөр кайсыл айдын тогузунда тогошконуна байланыштуу экенин билип, анын кайсы айга туура келерин аныктап алууга ар кимдин мүмкүнчүлүгү бар. *Тогуз тогоол* 1987-жылы январь айына туура келди, кийинки *жети тогоол* же *жетинин айы* сөзсүз эле февраль айына туура келет. Ошентип улам бир айга жылган сайын айдын атын билдирген санды экиге кыскартып эсептей берип, *акыры бирдин айы* же *бир тогоолго* — май айына, жеткен соң тартип бир аз өзгөрөт. Айларды жалаң тогошуусу боюнча эсептей берсек, анда июнь айы 23 тогоолго, июль айы 21 тогоолго, август айы 19 тогоолго, сентябрь айы 17 тогоолго, декабрь айы 11 тогоолго туура келет.




Натыйжада жыйырма *үч тогоол* же *жыйырма үчтүн айы* дегендин ордуна *жалган куран, жыйырма бир тогоол* же *жыйырма бирдин айы* дегендин ордуна *чын куран, он тогуз тогоол* же *он тогуздун айы* дегендин ордуна *бугу (какшык), он жети тогоол* же *он жетинин айы* дегендин ордуна *кулжа (какшык), он беш тогоол* же *он бештин айы* дегендин ордуна *теке (какшык), он үч тогоол* же *он үчтүн*




*айы* дегендин ордуна *баш оона, он бир тогоол* же *он бирдин айы* дегендин ордуна *аяк оона* деген аттары келип чыккан. Кыскасы, кыргызча айдын аттары Ай менен Үркөрдүн тогошуусуна негизделген эсеп менен зодиак жылдыздардын атынын кошундусунан турат. Орусча Овен, Телец, Близнецы, Рак, Лев, Дева, Весы, Скорпион, Стрелец, Козерог, Водолей, Рыбы деген зодиакалык жылдыздарды

байыркы түрктөр Қозы, Уд, Эрентир, Қучык, Арслан, Бугдай башы, Үлгү, Чадан, Йа, Оглак, Қөнөк, Балык деп аташкан. Азыркы кыргызча алар Қозу (Қой), Үркөр, Босого, Саратан, Арстан, Сумбула, Тараза, Чаян, Жаа, Улак (Теке), Қөнөк, Балык болуп айтылат. Ал эми *жалган куран, чын куран, бугу (какшык), кулжа (какшык), теке (какшык), баш оона, аяк оона* деген айдын аттары байыркы кыргыздардын өздөрүнүн фантазиясынан жаралган зодиак жылдыздарынын аттары дешке болот. Жалган куран Қозу жылдызына, чын куран Үркөр жылдызына, Бугу (какшык) босого жылдызына, Қулжа (какшык) Саратанга, Теке (какшык) Арстан жылдызына, Баш оона Сумбула жылдызына, Аяк оона Тараза жылдызына туура келет.

Қазак окумуштуусу И. Қеңесбаев ай аттарынын азыркы айларга туура келишин баяндап келип, тогоолдорго байланыштуу мындай деген олуттуу пикирди айтат. Айларды тогошуусу боюнча эсептегенде 23 тогоол — июнь, 21 тогоол — июль, 19 тогоол — август, 17 тогоол — сентябрь, 15 тогоол—октябрь, 13 тогоол—ноябрь, 11 тогоол — декабрь, 9 тогоол — январь, 7 тогоол февраль, 5 тогоол — март, 3 тогоол,— апрель, 1 тогоол — май айына туура келет, (Қеңесбаев И. Қазак тілінің фразеологиялык сөздігі. Алматы, 1977, 632-бет). Қазакча 9 тогоол январга туура келсе, Қ. Қ. Юдахин менен Х. Қ. Қарасаевдин айтуусу боюнча октябрь айына туура келип, арасында төрт айлык айырма болуп жатканын даана көрөбүз. Қазак менен кыргыз кою бирге короолош, ашы бирге жоролош жашап келген элдерден болуп туруп, Ай менен Үркөрүн башкача тогоштурабы деген ойго келесиң. Чындыгында эки элдин Ай менен Үркөрү бир эле мезгилде тогошот, эки эл тең бир эле ачык асмандын алдында кошуналаш жашайт. Қептин чордону ошол Ай менен Үркөрдүн тогошуусуна назар салып, анын кайсы айларга туура келишин аныктоодо жатат. И. Кенесбаев аларды 23 тогоолдон ылдый көздөй эсептеп, алардын азыркыча кайсы айларга туура келишин туура баштаган, бирок аягына жеткирбей, айрым деталдарын

бутташтырып жиберген, каталар кетирген. Алсак, ал минтип жазат: «Тогыз тогыз // эки агайынды; Жети тогыс // Наурыз (февраль); Бес тогыс // Кекек (март); Үш тогыс // Мамыр (апрель); Бір тогыс // Маусым (Май); Жыйырма үш тогыс // Саратан (июнь); Жиырма бір тогыс // чилде (июль); Он тогыс тогыс // Тамыз (август); Он жети тогыс // Қыркүйек (сентябрь); Он бес тогыс // Мизам (октябрь); Он үш тогыс // Қарашакауыс (ноябрь); Бір тогыс // Қаңтар (декабрь)». Жогоркулар «Тогыз тогыс // Қаңтар (январь); Жети тогыс // Акпан (февраль); Бес тогыс // Наурыз (март), Үш тогыс // Көкек (апрель), Бір тогыс // Мамыр (май); Жиырма үш тогыс // Маусым (июнь); Жиырма бір тогыс // Шілде (июль); Он тогыз тогыс // Тамыз (август), Он жети тогыс // Қыркүйөк (сентябрь), Он бес тогыс // Қазан (октябрь); Он үш тогыс // Караша (ноябрь); Он бір тогыс // Желтоксан (декабрь) түрүндө берилгенде туура болмок. Ушундай түзөтүү менен И. Кеңесбаевдин тогоолдор кайсы айдын канчанчы числосуна туура келерин кабыл алып, кыргызча айдын аттарынын азыркыча айларга туура келишин мындайча берүү керек:

1. Тогуздун айы (тогуз тогоол) — январь,
2. Жетинин айы (жети тогоол) — февраль,
3. Бештин айы (беш тогоол) — март,
4. Үчтүн айы (үч тогоол) — апрель,
5. Бирдин айы (бир тогоол) — май,
6. Жалган куран — июнь,
7. Чын куран — июль,
8. Бугу (какшык) — август,
9. Кулжа (какшык) — сентябрь,
10. Теке (какшык) — октябрь,
11. Баш оона — ноябрь,
12. Аяк оона — декабрь.

Ырас, Х. К. Карасаевдин «Накыл сөздөр» аттуу китебинин 74-бетинде «беш тогоол өтпөй, бел чечпе» — деген макал келтирилип, ал март айына туура келери туура көрсөтүлгөн. Бирок ушул ыраат менен кыргызча бардык

айлардын аттары азыркыча айларга туура келишин улантпай, китептин 300-бетинде «бештин айы — декабрь» деген жогоркуга карама-каршы келген пикирди айткан.

«Кыргызстан маданияты» газетасынын кызматкерлери И. Кенесбаевдин эмгеги менен тааныш болбогон күндө да, Х. К. Карасаевдин китебиндеги «беш тогоол — март» деген маалыматынын негизинде «беш тогоол — март болсо, анда жети тогоол — февраль, тогуз тогоол — январь» экенин аныктап алууга мүмкүнчүлүгү бар эле.

Кыргыздын Жалган куран, Чын куран, Бугу, Кулжа, Теке, Баш оона, Аяк оона, Тогуз тогоол, Жети тогоол, Беш тогоол, Үч тогоол, Бир тогоол деген айларынын аттары эки түрдүү календардык системанын биригишинен жаралган. *Тогуз тогоол, Жети тогоол, Үч тогоол, Бир тогоол* деген айдын аттары Ай жаңыргандан кийин кайсы числосунда Үркөр жылдызы менен тогошкону боюнча эсеп жүргүзгөн календардык системанын негизинде келип чыккан. Ар бир айда Ай менен Үркөрдүн тогошуусу ар түрдүү числого туура келет. Бул системаны баштан аяк келтиргенде тогоолдун башталышы болуп 23 тогоол алынат. Азыркы кезде *тогуз тогоол* январь айына туура келет. Аны андан ары улантып, ар бир ай кайсы числодо тогошорун аныктоого болот: 23 тогоол — июнь, 21 тогоол — июль, 19 тогоол — август, 17 тогоол — сентябрь, 15 тогоол — октябрь, 13 тогоол — ноябрь, 11 тогоол — декабрь, 9 тогоол — январь, 7 тогоол — февраль, 5 тогоол — март, 3 тогоол — апрель, 1 тогоол — май.

Бир жылдагы 12 айды тогоол боюнча эсептөө календардык системалардын эң алгачкыларынын биринен дешке болот. Анткени тогоол боюнча эсептөөдө Үркөрдү өзгөчө баалап, аны культка айландыруу түшүнүгү үстөмдүк кылат. Үркөрдүн культка айланышына ал жылдыздын таанымалдыгы гана эмес, байыркы заманда жыл саноо башталганда жазгы күн менен теңелген учурунда Үркөр жылдызы Күн менен кошо чыгып, ошол кезде Айдын 23 тогоолу болгондугу себеп болгон. Дал ушундай салт кыр-

гыз элинин ата-бабаларында да же алар колдонгон календардык системада Үркөр жылдызын өзгөчө баалоодо сакталып калган. Биздин эрага чейинки 3000—1000-жылдардын аралыгында Үркөр жылдызы жазгы күн менен түн теңелген кезде Күн менен кошо чыккан. Арадан эки миң жыл өткөн соң Үркөр жылдызы батышты көздөй алга жылып, анын ордуна Козу жылдызы келип, жазгы күн менен теңелүү учурунда ал жылдыз Күн менен кошо чыккан. Европа элдери өздөрүнүн жыл эсептөөсүн баштаган кезиндеги жазгы күн менен түн теңелгенде Күн менен кошо чыккан жылдызды культка айландырса, ага чейинки жыл эсебин баштаган элдердин календардык системасында Үркөрдү культка айландыруу салты сакталып кала берген.

Үркөрдү өзгөчө баалаган календардык салт боюнча бир жылдагы 12 айдын ар бири Үркөрдүн Ай менен качан тогошору эсепке алынган. Байыркы кезде 23 тогоол жылдын башкы айы болуп, 21-марттан 22-апрелге чейинки мезгилге туура келген. Андан бери жазгы күн менен түн теңелүү мезгилинде Күн менен кошо чыгар жылдыздар батышты көздөй эки жолу алмашып кеткен. Натыйжада азыр 23 тогоол айы 22-июндан 21-июлга чейинки мезгилге туура келип калган.

Эки сөз менен айтылган татаал сандарды алмаштырып, кийин алардын ордуна Жалган куран, Чын куран, Бугу, Кулжа, Теке, Баш оона, Аяк оона деген сөздөр колдонулуп, ал эми жөнөкөй сандарды билдирген сөздөр менен айтылган тогоол системасы кыргыз айларында сакталып кала берген. Ошондуктан азыркы Тогуз тогоол, Жети тогоол, Беш тогоол, Үч тогоол, Бир тогоол деген айдын аттары Үркөрдү өзгөчө баалоого байланышкан календардык системанын үлгүсүнүн калдыгы болуп эсептелет.

Мурдагы тогоол менен аталып жүргөндө 23 тогоол, 21 тогоол, 19 тогоол, 17 тогоол, 15 тогоол, 13 тогоол, 11 тогоол айын билдирген сөздөр кийин зодиакалык жылдыздын атын билдирген сөздөр менен алмаштырылган. Ошондуктан кыргызча айдын аттарындагы *куран* сөзү катышкан

Жалган куран, Чын куран деген аттарын эликтин эркегин билдирген куран деген сөзгө байланыштырып, ал айды элик «чуркаган» же «тууган» кезге туура келтирүү натуура. Бугу, Кулжа, Теке айларын да ошол жанбарлардын «жүгүргөн» кезиндеги ай деп билүү чындыкка жакындашпайт. Кыскасы, кыргызча ай аттарын билдирген сөздөр тогоол боюнча жана зодиак боюнча эсептөөнүн кошундусуна байланыштуу келип чыгат.

Эскиче айлардын жаңыча ай аттарына тогоол менен зодиактарга туура келиши мындай:

| Тогоолдор | кыргызча | орусча | зодиак |
|---|---|---|---|
| 1. 23 тогоол | Жалган куран | июнь | Босого |
| 2. 21 тогоол | Чын куран | июль | Саратан |
| 3. 19 тогоол | Бугу | август | Арстан |
| 4. 17 тогоол | Кулжа | сентябрь | Сумбула |
| 5. 15 тогоол | Теке | октябрь | Тараза |
| 6. 13 тогоол | Баш оона | ноябрь | Чаян |
| 7. 11 тогоол | Аяк оона | декабрь | Жаа |
| 8. 9 тогоол | Тогуз тогоол (тогуздун айы) | январь | Теке |
| 9. 7 тогоол | Жети тогоол (жетинин айы) | февраль | Көнөк |
| 10. 5 тогоол | Беш тогоол (бештин айы) | март | Балык |
| 11. 3 тогоол | Үч тогоол (үчтүн айы) | апрель | Козу (кой) |
| 12. 1 тогоол | бир тогоол (бирдин айы) | май | Үркөр (уй) |

Байыркы иран элдери 12 зодиак жылдызынын атын 12 айдын атын билдирүү үчүн колдонушкан. Омар Хайямдын жазып кеткени боюнча мындай:

| | | |
|---|---|---|
| 1. Овен | Фарвардин | Март-Апрель |
| 2. Телец | Урдбихишт | Апрель-Май |
| 3. Близнецы | Хурдад | Май-Июнь |
| 4. Рак | Тир | Июнь-Июль |
| 6. Девы | Шахривар | Август-Сентябрь |
| 7. Весы | Михр | Сентябрь-Октябрь |
| 8. Скорпион | Абан | Октябрь-Ноябрь |
| 5. Лев | Мурдад | Июль-Август |

| | | |
|---|---|---|
| 9. Стрелец | Азар | Ноябрь-Декабрь |
| 10. Козерог | Дай | Декабрь-Январь |
| 11. Водолей | Бахман | Январь-Февраль |
| 12. Рыбы | Исфандармуз | Февраль-Март[18] |

Ал кезде элдер бир айдагы күндөрдү аптага бөлүп эсептөөнү билбей, бардыгын жеке-жеке атаган. Иран эли 30 күндү мындайча атаган: 1. Хурмуз, 2. Бахман, 3. Ардибахишт, 4. Шахривар, 5. Исфендормад, 6. Хурдад, 7. Мурдад, 8. Дей-Ба-Азар, 9. Азар, 10. Абал, 11. Хур, 12. Мах, 13. Тир, 14. Гош, 15. Дей-Ба-Михр, 16. Михр, 17. Серош, 18. Рашн, 19. Фервордин, 20. Бахрам, 21. Рам, 22. Бад, 23. Дей-ба-Дин, 24. Дин, 25. Ард, 26. Аштаз, 27. Асман, 28.Замдаз. 29. Марасфандр 30. Акиран[19]. Байыркы еврейлер да, арабдар да ар бир айдагы күндөрдү ушул сыяктуу эсептешкен. Ал эми байыркы түрктөр болсо, ар бир айдагы күндөрдү *биринчи күн, экинчи күн, үчүнчү күн...* деп, катары менен эсептешкен.

## АПТА

Күндөрдү аптага бириктирип эсептөө салты кийин чыккан. Мындай салттын чыгышына асмандагы Айдын фазалары негиз болгон. Ай жаңыргандан кийин кыныpraктай болуп турган мезгили биринчи аптаны түзсө, андан өтүп, Ай толгонго чейинки кези экинчи жумага, ал эми кайра бөксөрө баштаганы үчүнчү жумага, кичирейип калган кези төртүнчү жумага туура келген.

*Апта* деген сөз иранча *хафт* «жети» деген сөздөн келип чыгат. Өзүнүн аты айтып тургандай «жети күн» деген түшүнүктөгү *хафт* сөзү Айдын төрт фазасынын бириндеги мезгилди билдирип калган. Болжолу, байыркы түрктөр Орто Азияда иран элдеринен календардык системаны өздөштүрүү менен бирге, алардын *апта* деген түшүнүктөрүн да кошо кабыл алган. Ошондуктан байыркы кездеги 12 күндүк жума боюнча күндөрдү эсептеши X кылымдарда

унутулган. Кийин Орто Азияга арабдар басып кириши жана исламдын тарашы менен арабдардан *жума* деген сөз да түрк тилдерине кабыл алынган. Араб тилинде бир жумадагы күндөр мындайча аталат:

| | | |
|---|---|---|
| йаум | аль-ахад | — Жекшемби, |
| йаум | аль-искайн | — Дүйшөмбү, |
| йаум | ас-салаca | — Шейшемби, |
| йаум | аль-арбаа | — Шаршемби, |
| йаум | аль-хамись | — Бейшемби, |
| йаум | аль-джума | — Жума, |
| йаум | ас-сабт | — Ишемби.[20] |

Араб тилинде *жума* этиши *жыйна, чогулт* деген маани берет. Араб элдеринде жума күндөрүн дем алыш катары эсептеген. Ал күнү эл чогулуп намаз окуган, базар болуп турган. Ушул себептен жума күнүнүн аты кыргыздарга араб тилинен алынган сөз менен аталган.

Арабдарга бир жумадагы күндөрдү эсептөө салты Европа элдеринен оошкон. Европалыктар болсо аны байыркы вавилондуктардан өздөштүргөн. Вавилондуктар бир сутканы 24 саатка бөлүп, ар бир саатты ошол кезде белгилүү болгон 7 планетанын биринин колдоосунда турат деп түшүнгөн. Планеталардын саны жетөө гана болгондуктан, аларды 24 сааттын атында 3 жолудан кайталап, дагы 3 сааты ашып калган.

Кийинки сутка башталган саат башкы планетанын колдоосундагы саатка туура келген. Эсептин башталышы болуп ишемби күнкү Сатурнга ыйгарылган биринчи саат алынган. Жалпы эсеп мындай болгон:

1-саат — Сатурн
2-саат — Юпитер
3-саат — Марс
4-саат — Күн
5-саат — Чолпон
6-саат — Меркурий
7-саат — Ай
8-саат — Сатурн
9-саат — Юпитер
10-саат — Марс
11-саат — Күн
12-саат — Чолпон
13-саат — Меркурий
14-саат — Ай
15-саат — Сатурн
16-саат — Юпитер
17-саат — Марс
18-саат — Күн
19-саат — Чолпон
20-саат — Меркурий
21-саат — Ай
22-саат — Сатурн
23-саат — Юпитер
24-саат — Марс

Жекшемби күндүн биринчи сааты Күн колдогон саатка туш келген, ошондуктан, ал Күн планетасынын күнү деп аталган. Дүйшөмбү күнүнүн биринчи сааты Ай планетасы колдогон саатына, шейшемби күндүн биринчи сааты Марс колдогон саатка, шейшемби күндүн биринчи сааты Меркурий колдогон саатка, бейшемби күндүн биринчи сааты Юпитер колдогон саатка, Жума күндүн биринчи сааты Чолпон колдогон саатка туура келген. Ошондуктан, байыркы гректер ар бир күндү белгилүү бир планетанын күнү катары түшүнгөн:

| | |
|---|---|
| Дүйшөмбү | Ай күнү |
| Шейшемби | Марс күнү |
| Шаршемби | Меркурий күнү |
| Бейшемби | Юпитер күнү |
| Жума | Чолпон күнү |
| Ишемби | Сатурн күнү |
| Жекшемби | Күндүн күнү[21] |

Күндөрдү ушул сыяктуу атоо салты түрк тилинде жазылган «Сал-наме»[22] кол жазмасында да баяндалган. Болжолу, ушундай түшүнүк бардык эле чыгыштагы элдерге тараган. Хинди тилинде:

| | |
|---|---|
| Дүйшөмбү күнү | Сомвар — Ай күнү |
| Шейшемби күнү | Мангалвар — Марс күнү, |
| Шаршемби күнү | Будхавар — Меркурий күнү, |
| Бейшемби күнү | Варвар — Юпитер күнү, |
| Жума күнү | Шукравар — Чолпон күнү, |
| Ишемби күнү | Шанивар — Сатурн күнү, |
| Жекшемби күнү | Равивар — Күндүн күнү |

делип аталат. Азыркы монгол тилинде да ар бир күн белгилүү бир планетанын аты менен айтылары белгилүү. Ушундай атоолордон байыркы түрк элдери да (анын ичинде кыргыз эли да) куру калбаган болуу керек. Бирок азыркы кезге чейин андай түшүнүк эл арасында сакталып калган эмес. Ошондой болсо да шаршемби күндү «кара шаршемби» дешип, аны «оор күн» деп билишинде чы-

гыш элдерине тараган жогоркудай түшүнүктөрдүн жулдөрү сакталып калган. Кытай, корей, япон элдери 12 циклдүү жаныбарлардын аты менен жылдарды, айларды, күндөрдү жана сааттарды атоо менен гана чектелбей, аларды жаратылыштагы негизги беш элементке (жыгачка, отко, топуракка, металлга, сууга), байыркы кезде белгилүү болгон беш планетага (Юпитерге, Марска, Сатурнга, Венерага, Меркурийге) жана негизги беш түскө (көк, кызыл, сары, ак, кара) да символдоштурган. Ошондуктан, 60 жылдын ичиндеги жылдар, айлар, күндөр, сааттар белгилүү бир элементке, планетага, түскө туура келе турган схемага салынып бааланган. Аларды толук келтиргенде мындайча болот:

Мындан мурдагы таблицаларда шаршемби күнү Меркурийдин колдогон күнү экени маалым болгон эле. Ошол күндү колдогон планетанын өзү кытай, корей, япон элдеринде кара түстүү болуп таанылат. Ошондуктан, аны «кара шаршемби» деп атоого жол берилген. Демек, кыргыз эли да Меркурийди кара түстүү деп билип, ал колдогон күндү *кара шаршемби* деп атаганы даана көрүнөт.

Байыркы түрктөр ошол кезде белгилүү болгон планеталарды мындайча атаган:

Алтын йулдуз — Чолпон,
Йыгач йулдуз — Юпитер,
От йулдуз — Марс,
Сув йулдуз — Меркурий,
Топурак йулдуз — Сатурн[23].

Бул аттар кытай, корей, япон элдериндеги беш планетанын кандай стихия менен түскө байланыштуу түшүнүгүнө түздөн-түз үндөшүп турат. Ал элдерде Юпитер — жыгач,— көк (жашыл), Марс —от (кызыл), Сатурн — топурак —(сары), Чолпон —металл —(ак), Меркурий — суу — (кара) менен ассоцияланат. Кыргыз тилинде *кара суу* делип кышында тоңбогон, жер алдынан чыккан суу аталат.

**Кытайлар колдонгон алтымыш жылдык циклдеги жыл эсеби**
(1864—1923, 1924—1953, 1984—2043-жылдардын мисалында)

| жыл циклдери | | | жылдын катар номери | кытайча аталышы | Зодиак белгиси | Стихия | Планета | Түс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1864—1923 | 1924—1983 | 1984—2043 | | | | | | |
| 1864 | 1924 | 1984 | 1 | цзя-цзы | чычкан | жыгач | Юпитер | көк- |
| 1865 | 1925 | 1985 | 2 | и-чоу | уй | | | (жашыл) |
| 1866 | 1926 | 1986 | 3 | бин-ин | барс | от | Марс | кызыл |
| 1867 | 1927 | 1987 | 4 | дин-мао | коён | | | |
| 1868 | 1928 | 1988 | 5 | у-чэнь | улуу | топурак | Сатурн | сары |
| 1869 | 1929 | 1989 | 6 | цзи-сы | жылан | | | |
| 1870 | 1930 | 1990 | 7 | гэн-у | жылкы | металл | Венера | ак |
| 1871 | 1931 | 1991 | 8 | синь-вэй | кой | | | |
| 1872 | 1932 | 1992 | 9 | жэнь-шэнь | мечин | суу | Меркурий | кара |
| 1873 | 1933 | 1993 | 10 | гуй-ю | томк | | | |
| 1874 | 1934 | 1994 | 11 | цзя-сюй | ит | жыгач | Юпитер | көк |
| 1875 | 1935 | 1995 | 12 | И-хай | доңуз | | | (жашыл) |
| 1876 | 1936 | 1996 | 13 | бин-цзы | чычкан | от | Марс | кызыл |
| 1877 | 1937 | 1997 | 14 | динь-чоу | уй | | | |
| 1878 | 1938 | 1998 | 15 | у-инь | барс | топурак | Сатурн | сары |
| 1879 | 1939 | 1999 | 16 | цзи-мао | коён | | | |
| 1880 | 1940 | 2000 | 17 | гэнь-чэнь | улуу | металл | Венера | ак |
| 1881 | 1941 | 2001 | 18 | синь-сы | жылан | | | |
| 1882 | 1942 | 2002 | 19 | жэнь-у | жылкы | суу | Меркурий | кара |
| 1883 | 1943 | 2003 | 20 | гуй-вэй | кой | | | |
| 1884 | 1944 | 2004 | 21 | цзя-шэнь | мечин | жыгач | Юпитер | көк |
| 1885 | 1945 | 2005 | 22 | и-ю | тоок | | | (жашыл) |
| 1886 | 1946 | 2006 | 23 | бин-сюй | ит | от | Марс | кызыл |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1887 | 1947 | 2007 | 24 | ди-хай | доңуз | | | |
| 1888 | 1948 | 2008 | 25 | у-цзы | чычкан | топурак | Сатурн | сары |
| 1889 | 1949 | 2009 | 26 | цзи-чоу | уй | | | |
| 1890 | 1950 | 2010 | 27 | гэнь-ин | барс | металл | Венера | ак |
| 1891 | 1951 | 2011 | 28 | синь-мао | коён | | | |
| 1892 | 1952 | 2012 | 29 | жэнь-чэнь | улуу | суу | Меркурий | кара |
| 1893 | 1953 | 2013 | 30 | гуй-сы | жылан | | | |
| 1894 | 1954 | 2014 | 31 | цзя-у | жылкы | жыгач | Юпитер | көк (жашыл) |
| 1895 | 1955 | 2015 | 32 | и-вэй | кой | | | |
| 1896 | 1956 | 2016 | 33 | бинь-шэнь | мечин | от | Марс | кызыл |
| 1897 | 1957 | 2017 | 34 | дин-ю | тоок | | | |
| 1898 | 1958 | 2018 | 35 | у-сюй | ит | топурак | Сатурн | сары |
| 1899 | 1959 | 2019 | 36 | цзи-хай | доңуз | | | |
| 1900 | 1960 | 2020 | 37 | гэн-цзы | чычкан | | | |
| 1901 | 1961 | 2021 | 38 | синь-чоу | уй | металл | Венера | ак |
| 1902 | 1962 | 2022 | 39 | жэнь-инь | барс | суу | Меркурий | кара |
| 1903 | 1963 | 2023 | 40 | гуй-мао | коён | | | |

*Уландысы*

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1904 | 1964 | 2024 | 41 | цзя-чэнь | улуу | жыгач | Юпитер | көк |
| 1905 | 1965 | 2025 | 42 | и-сы | жылан | | | (жашыл) |
| 1906 | 1966 | 2026 | 43 | бин-у | жылкы | от | Марс | кызыл |
| 1907 | 1967 | 2027 | 44 | дин-вэй | кой | | | |
| 1908 | 1968 | 2028 | 45 | у-шэнь | мечин | топурак | Сатурн | сары |
| 1909 | 1969 | 2029 | 46 | цзи-ю | correctток | | | |
| 1910 | 1970 | 2030 | 47 | гэнь-сюй | ит | металл | Венера | ак |
| 1911 | 1971 | 2031 | 48 | син-хай | доңуз | | | |
| 1912 | 1972 | 2032 | 49 | жэнь-цзы | чычкан | суу | Меркурий | кара |
| 1913 | 1973 | 2033 | 50 | гуй-чоу | уй | | | |
| 1914 | 1974 | 2034 | 51 | цзя-ин | барс | жыгач | Юпитер | көк |
| 1915 | 1975 | 2035 | 52 | и-мао | коён | | | (жашыл) |
| 1916 | 1976 | 2036 | 53 | бин-чэнь | улуу | от | Марс | кызыл |
| 1917 | 1977 | 2037 | 54 | дин-сы | жылан | | | |
| 1918 | 1978 | 2038 | 55 | у-у | жылкы | топурак | Сатурн | сары |
| 1919 | 1979 | 2039 | 56 | цзи-вэй | кой | | | |
| 1920 | 1980 | 2040 | 57 | гэн-шэнь | мечин | металл | Венера | ак |
| 1921 | 1981 | 2041 | 58 | синь-ю | тоок | | | |
| 1922 | 1982 | 2042 | 59 | жэн-сюй | ит | суу | Меркурий | кара |
| 1923 | 1983 | 2043 | 60 | гуй-хай | доңуз | | | |

Ошону менен бирге «Кайгысы жок кара сууга семирет» деген макалда демейдеги түссүз суу кара түстүү сыяктуу болуп айтылат. Мындагы *кара суу* дегенибиз суунун өңүнүн каралыгынан эмес, анын символдоштурган маанисине байланыштуу, Меркурий планетасынын өңүнө байланыштуу айтылып жатат.

Бир аптанын ичиндеги күндөргө ат коюу салты кыргыз элине иран, элдери, арабдар аркылуу келип жеткен. Бирок арабдар менен иран элдери *жума* күнүн дем алыш катары эсептеген менен, ал күндөрдүн аталып калышынын негизин өзгөрткөн эмес. Байыркы еврейлер «кудай алты күн иштеп, ааламды жаратып, ишемби күнү эс алыптыр» деп түшүнүп, ишемби күндү кудай эс алган күн деп билип, ал күнү иштешкен эмес. Ушундай көз караш христиан динииндеги элдерге да тараган. II кылымда Адриан деген римдик император ишемби күнүн майрамдоону жоюп, аны андан кийинки күнгө, жекшембиге жылдырат. 321-жылы Константин деген римдик император аны закон кылып бекитет.

Азыркы кыргыз тилинде колдонулган Жекшемби, Дүйшөмбү, Шейшемби, Шаршемби, Бейшемби, Жума, Ишемби деген сөздөрдүн маанисин талдай келсек, *йак, си, ду, чар, панч* деген сөздөр иран тилдеринде *бир, эки, үч, төрт, беш* дегенди туюнтат. Ушул сөздөр *шамбе* сөзүнө кошулат да, белгилүү бир күндүн атын билдирет. Мындагы *шамбе* сөзү хинди тилиндеги *Шанивар* «Сатурн күнү» деген сөздүн тыбыштарын бир аз өзгөртүп кабыл алуудан келип чыккан. Анткени жогоруда суткадагы сааттарды эсептөө Сатурн планетасы колдогон сааттан башталганы белгилүү болгондуктан, жумадагы күндөрдүн башталышы болуп алгач Сатурн саатынан башталган ишемби күнү таанылган. Мына ушул күнгө иранча *йек, ду, си, чар, панч* деген сөздөр кошулуп айтылганда, Сатурндун күнү + бир, эки, үч, төрт, беш дегенди билдирген сөздөр жаралган. Иранча *йакшамбе* деген сөз «биринчи күн» дегенге, *душанба* дегени «экинчи күн» дегенге туура келбей калган.

Арабдар сутканын башталышы деп күндүн баткан мезгилин эсептешкен. Ал эми байыркы Жер ортолук деңизинин чөйрөсүндөгү көпчүлүк элдер түнкү саат 00дөн баштаган. Мына ушул саат азыр кеңири колдонулуп келүүдө. Астрономия илиминде болсо Күн төбөгө жеткен түш мезгили дайыма бирдей убакытты билдиргендиктен, сутканын башталышы катары түшкү саат 12 болгон убак алынган. Байыркы түрктөр сыяктуу эле кыргыздар да сутканын башталышы деп чыгыштан Күн чыккан мезгилди эсептеген. Андай экенин *күн* деген сөздүн өзү айтып турат. Ошондуктан, *бая күнү, өгүнү, кечээ күнү, бүгүн, эртеңки күнү, мурдагы күнү, бүрсүгүнү* деген учурларда *күн* сөзү катышат. Анткени байыркы кезде *күн* деген сөз сутканын жарык кезин гана туюнткан. Кийин андай мааниси кеңип, *күн* сөзү «бир күн + бир түн» дегенди чогуу туюнтууга өткөн. Ошондуктан, *күн* сөзү «сутка» деген маани берип калган.

## КЫЛЫМ

Он эки жаныбардын аты менен аталган мүчөл жылдарын колдонуу менен чектелип, байыркы кыргыздар андан көбүрөөк болгон жылдарды бириктирип атоону билген эмес. Ошондуктан, аларга көпкө чейин *кылым* деген түшүнүк жат болгон. Илим-билим өнүкпөгөн элге мурда болуп өткөн же келечекте боло турган узак убакытты кылымдарга бөлүштүрүүнүн зарылдыгы болгон эмес. Алардын күнүмдүк турмуштагы майда-барат эсептөөлөрүн тактоого мүчөл жылдарын билүү канааттандырып келген.

Аздап болсо да илимий, агартуу иштеринин таралышы кыргыз элине мүчөлдөн чоңураак убакыт өлчөмүн аныктоого шарт түзгөн. Кыргыз элинин кылым деген эмне экенин кандай кабыл алганы өзүнчө бир кызык. Көрүнүктүү окумуштуу К. К. Юдахин өзүнүн «Киргизско-русский словарь» деген белгилүү сөздүгүндө *кылым* деген сөздөн ки-

йин (*ар. с греч.*) белгисин койгон[24]. Бул белги араб тилинен кирген, араб тилине грек тилинен кабыл алынган дегенди туюнтат. Ал мындайча чечилет.

Байыркы гректердин Жердин түзүлүшү жана Жердеги климат жөнүндөгү билими Араб халифатынын тушунда арабдарга да тараган. Гректер белгилүү бир жердеги климатты күн менен түн теңелген кездеги көлөкөнүн узундугуна жараша аныкташкан. Алардын тилинде *клима* (klima) сөзү «жантаюу» дегенди билдирген. Арабдар үйрөнүп алып, ошол боюнча өздөрүнүн буту менен жеткен жерлерди климаттык курчоолорго бөлүштүргөн. Ал үчүн арабдар грекче *клима* сөзүнүн тыбыштарын бир аз өзгөртүп *ыклым* кылып алышкан. Арабдардын түшүнүгү боюнча Жердин төрттөн бир бөлүгүндө гана адамдар жашайт. Ошол адам жашаган жер жети климаттык курчоого бөлүнөт. Биринчи ыкылымга экватор сызыгынын айланасында жаткан аймактар кирет. Анда күн менен түн теңелген кезде адамдын көлөкөсүнүн узундугу түш мезгилинде бир жарым кадамдан бир аз узунураак болот. Ал эми экинчи ыклымга күн менен түн теңелип адамдын көлөкөсү түш мезгилине эки кадамга (кадамдын бештен үчүн кошкондогу узундукка) жеткен жердеги аймактар кирет[25]. Ушинтип, улам көлөкө узарган сайын ыклымдар улам түндүккө карай жылып отурат. Түндүк муз океанына келип жеткенде жетинчи ыклым бүтөт. Андан ары өтө суук болгондуктан, арабдар ал жакта жашоо жок деп эсептешкен.

Арабдар *ыклым* кылып өзгөрткөн сөздү кыргыздар кабыл алганда кайра өзгөртүп *кылым* түрүнө келтирген. Натыйжада кыргызча *кылым* деген сөз грекче *клима* деген алгачкы түрүнө жакын абалга келген. Араб тилинде *ыклым* сөзү «1) пояс; область, край; 2) климат» маанисин берсе, кыргыз тилине кабыл алынганда *кылым* сөзү «1) век, эпоха; 2) веселенная, мир; 3) все» деген маани берип калган. Анткени *ыклым* боюнча кеткен курчоолор бирден башталып, жетинчиси менен аяктап, баары бириккенде жалпы Жер шарынын чеги деген түшүнүктү билдирген.

Ушуга негизделгенде *кылым* сөзүнүн Аалам, Жер шары дегенди туюнткан мааниси келип чыккан. Ал эми бардык эле эсептелип, ченелип же саналып бүткөн нерсенин баарын белгилүү чекке жетүү деп түшүнүүдөн жылдарды белгилүү бир тегерек санга чейин санап жеткен жерин да *кылым* «век» деп эсептөө түшүнүгү жаралган.

Кыргыздарга кошуна жашаган өзбектер, уйгурлар, казактар арабча *аср* «век, столетие, эпоха» сөзүн кабыл алса, кыргыздар жогоркудай себептерден улам андан башка *ыклым* деген сөзүн алып, маанисин өздөрүнчө өзгөртүп жиберген дешке болор эле. Бирок *кылым* сөзүнүн түпкү теги гректердин *клима* «жантаюу» деген сөзү менен байланышы жок экенин далилдөөчү фактылар да бар. Алсак, араб тилиндеги *Аалам* сөзү баш жагында *айн* деген тамга менен жазылат да, ал башка элдердин бирине *г* тыбышы сыяктуу угулса, дагы бирөөнө өзүнчө тыбыш катары угулбайт. Ошондуктан, аны татарлар *галум* катары айтса, кыргыздар *аалам* түрүндө айтат. Бирок кээде арабдардын *айн* тамгасын *к* тыбышы катары айтуу кыргыз тилинде да учурайт. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *аалам* сөзү «мир, вселинная» болуп которулуп, *ааламды басып шоораты, ааламга белгилүү, он сегиз миң аалам, он сегиз миң аалам — көк өгүздүн жонунда, он сегиз миң ааламды камырдай тепсеп, бул бала ааламга татыйт, ааламдан ашкан* деген мисалдар келтирилген[26]. Ал эми *кылым* деген сөзгө (*ар. с гр*). деген белги коюп, 1. *век, эпоха* деген маанисине *нечен кылымдар бою, жылдан жылга, кылымдан кылымга, өткөн кылымдын сексенинчи жылдарында*, 2. (*в эпосе*) мир, вселинная деген маанисине *кылымда жок эр неме, Эр Төштүктүн тоюна кылым келди козголуп, кылымдын ханы Алооке, кылымды билген, кылымды билген Султандын кырк чоросу дагы бар, кабары кетти кылымга, кылымга малың толуптур*, 3. (*гл. обр. в эпосе*) «все» деген маанисине *кылым кыргыз, он жетинчи жылында азаттык болду кылымга, кылычты кайрап байланып, кылымдын көөнү жайланып, кылымдан чыккан бу-*

*зук, эчен кылым эл өткөн* деген мисалдар келтирген[27]. Материалдын өзү эле айтып тургандай, *кылым* сөзүнүн экинчи «мир, вселенная» деген мааниси *аалам* сөзүнүн маанисине барабар келип жатат. Бул бекеринен эмес. Кыргыздар арабдын *аалам* деген сөзүнүн *аалым*[28] деген көптүк санын билдирген түрүн *кылым* түрүндө кабыл алган. Натыйжада *аалам* менен *кылым* бирдей маани берип калган.

Мына ушул *аалам* деген сөздүн көптүк санын билдирген *аалым* түрү кыргыз тилине кабыл алынганда жөн эле *аалам* сөзүнүн бир варианты катары кирбестен, «баары» деген маани туюнтуу аркылуу «100 жыл» деген маанини да билдирип калган дешке болот.

## БИЗДИН ЭРА

Азыр *эра* сөзүн белгилүү жыл эсебинин башталышы катары түшүнөбүз. Мурда адамдар ар кандай эраларды колдонуп келген, алар мындай:

еврей эрасы 7. X. 3761-ж. б. э. ч.
набонассар 26. II 747-ж. б. э. ч.
диоклетиан 29. VIII. 284-ж. б. э. ч.
хиджры 167 VII. 622-ж. б. э.

Кеңири колдонулуп жүргөн азыркы *биздин эра* деген түшүнүк христиан эрасы кабыл алынгандан кийин келип чыккан. Ал мындайча жаралган.

525-жылы Кенже Дионисий деген римдик монах пасха майрамын келечектеги узак жылдар бою качан майрамдаш керек экенин көрсөтө турган таблица түзмөкчү болот. Ал кезде элдер Диоклетиандын эрасын колдонуп, 241-жыл деп эсептеп келишкен. Бирок Диоклетиан бийлик кылып турган кезде куугунтуктагандыгы үчүн христиандар аны жаман көргөндүктөн, Дионисий Диоклетиан эрасы деген эраны өчүрүп, башка эраны — Христос туулган күндү сунуш кылат. Пасха майрамы 532 жылдан кийин гана белгилүү бир айдагы күнгө туура келип, айдын белгилүү бир

фазасына дал келиши кайталанат. Анчалык мезгил өтпөсө, пасха майрамы ар башка айдагы ар түрдүү күндөргө оошуп жыла берет.

Дионисий Христостун туулган күнүн ушундай эсептөөлөрдүн негизинде эле аныктаган. Чындыгында андай адам тарыхта жашаган эмес. Ошондуктан, жылдарды Христостун туулганынан баштап эсептөө далай кылымдарга чейин колдонулбай келген. Чиркөөдө 742-жылы эсепти ушу боюнча жүргүзүүнү улантыша баштайт. X кылымдан тартып римдик папалардын документтеринде бул эсеп сейрек пайдаланыла турган болот. XV кылымда гана бардык документтерде Христос туулгандан бери деген дата кеңири колдонулууга алынат. Кийин христиан динindeги өлкөлөргө тарап, алардан дүйнөнүн башка элдерине жайылат. Ошентип, *биздин эра* деген түшүнүк Христос туулгандан берки жылдарды эсептөөдөн келип чыккан. Ага чейинки мезгил биздин эрага чейинки жылдар болуп таанылган.

*Эра* деген сөздүн келип чыгышын окумуштуулар эки түрдүү түшүндүрөт. Латынча *aera* (эра) сөзү «сан, число» дегенди билдирет. Бирок латынча *aera* сөзү латынча «Ab exordia redni Augusti» (Август бийлик кылгандан баштап) деген сөздүн башкы тамгалары кыскартылып алынган деген пикир да бар.

## АЗЫРКЫ КАЛЕНДАРДЫН ТАРЫХЫНАН

Азыр биз колдонуп жүргөн календарь күн календары болуп эсептелет да, Күндү Жер бир айланып чыкканына негизделет. Байыркы замандагы адамдар Жердин шар формасында экенин жана Жер бир жылда Күндү бир айланып чыгаарын да билген эмес. Бирок аларга табияттагы башка кубулуштар аркылуу бир жылда канча күн болорун аныктоого мүмкүн болгон. Алсак, биздин эрага чейинки төрт миңинчи жылдан мурдараак байыркы Египетте бир жылда канча күн бар экенин мындайча аныкташкан.

Алар Нил дарыясы жайкы чилденин учурунда ташкындап кетишин байкашкан. Ошол ташкын болордун алдында чыгыштан Күн чыгардан бир аз мурдараак Сириус жылдызы чыккан. Бул эң жарык жылдыздын таңында асманда пайда болгон мезгилинен тартып, кийинки жолку чыгышына чейинки күндөрдү эсептеп, алар бир жылда 360 күн бар деп аныкташат.

Кийин жрецтер изилдешип, бир жылда 365 күн бар экенин такташат. Кошумча беш күн жөнүндө мындай легенда ойлоп чыгарышкан. Жердин кудайы Геб менен асмандын кудайы Нут үйлөнөт. Ага Күндүн кудайы Ра наараазы болуп, Нут балдарын 360 күндүн биринде да төрөбөсүн деп каргап коёт. Анда Нут акылдуу кудай Тотко акылдашат. Тот Ай кудайы менен чүкө ойнойт да, андан 360 күндүн жарыгынын ар биринин 72ден бир бөлүгүн утуп алат. Ошол бөлүктөрдү бириктирип, кошумча беш күн жасайт, ал күндөрдү жылдын аягына улап коёт. Ошентип, Нут беш күндүү болуп, Осрис, Гор, Сет, Исида, Нефтида деген беш балалуу болот. Күндүн кудайы Ра ырайым кылсын үчүн баягы беш күн ага берилет. Аны Ра кабыл алат, натыйжада жыл 360 күндөн 365 күнгө созулат, Ай кудайы беш күнүн уттуруп койгону үчүн 360 күндөн кыскарып, 365 күндүү болуп калат.

Кошумча беш күн 12 айдын эч бирине ыйгарылган эмес, ар бир ай 30 күндүү бойдон кала берген. Кошумча беш күн жылдын аягына уланып, Геба менен Нуттан туулган кудайлардын урматына арналган майрам катары белгиленген. Копттор менен эфиоптор байыркы Египет календарын гана эмес, андагы салтка айланган майрамдарына чейин азыр да сактап калышкан. Алар Исида көз жашын төккөндө Нил ташкындайт деп түшүнүп, 17-июнда «Көз жаш майрамын» белгилешет. Байыркы Египеттик календарь Дарийдин убагында Персияга тараган. Алардан Орто Азияга, түрк элдерине да келип жеткен.

Байыркы египеттик календарь жылына алты сааттан кем эсептеген. Ошондуктан, төрт жылда бир күнгө алды-

га кетип калган. Ушундай алдыга кетүү 120 жылда бир айга жеткен. Ал эми 1460 жылда толук бир жылга ашып кеткен.

Биздин эранын 26-жылынан баштап коптты календары колдонула баштайт. Анда бир жыл 365,25 күнгө барабар делип эсептелет. Төрт жылда бир күн кошууну, високостук кошууну, кабыл алышат. Бирок юлиан календарындагыдай болбой, високосту белгилүү бир жылдын санын 4кө бөлгөндө 3 саны ашып калган жыл деп эсептөө кабыл алынган.

Биздин эрага чейинки VIII кылымдагы маалыматтар боюнча байыркы Римде башкача календарь колдонулган. Бул календарь боюнча ар бир жыл 304 күндөн туруп 10 айга бөлүнгөн. Алгач айлардын атайын аты болгон эмес, алар жөн эле катар номери боюнча айтылган. Жылдын башы делип жаз чыккан кезге туура келген ай аталган. Кийинчерээк айларга атайын ат бериле баштайт. VIII кылымдын аягында мурдагы биринчи ай *Мартиус* болуп согуш кудайы Марстын урматына коюлган атты алат. Ал эми экинчи ай *априлис* болуп аталат.

Биздин эрага чейинки VII кылымда Рим падышасы Нума Помпилийдин тушунда рим календарына реформа жасалат. Мурдагы календарга он биринчи жана он экинчи айлар кошулат. Анын биринчиси январь januarius делип эки жүздүү Янус кудайынын урматына аталат. Ал кудай бир эле мезгилде алды жагын да, арт жагын да көрө алган. Анткени анын алды жаккы бети келечекти көрсө, арткы жаккы бетиндеги көздөрү өткөндөгүлөрдү көрө билген.

Кошумча эки айдын аты februarius «тазалануу» деген маанидеги сөздөн келип чыгат. Анткени Римде 15-февралда «тазалануу» майрамы белгиленет. Ал майрам болсо жер алдынын кудайы Фебрууска арналган. Болжолу, ушул мезгилде кышкы чилде чыгып, күн жылымдай баштайт да, жер көгөрө баштайт. Кыргыздардын: «Кызырак жалдуу калды, кыз эмчектүү калды, боз улан богоктуу калды, боз

токту куйруктуу калды, камчылан, досум, камчылан» деп айтканы ушул февруус кудайына түздөн-түз байланышы бар. Кыргызча 16—17-февралда ноорyздама жасоо жер алдынын кудайына сыйынуунун белгиси десек болот. Анын урматына арпа менен буудайдан көчө түктөп тамак жасап, арпа менен буудайдын түшүмү жаңы жылда көп болсун деп тилегенин Февруустан сурануусу катары түшүнүү керек.

Мурдагы 304 күндөн турган 10 айга дагы эки ай кошкондо байыркы римдиктерде кыйынчылыктар келип чыгат. Гректердин календарына теңеп 354 күнү бар жыл кылыш үчүн дагы 50 күндү кошуу керек болгон. Бирок жуп санды каргашалуу деп эсептеген ырым-жырымчыл римдиктер 51 күндү кошууга аргасыз болушкан. Ал 51 күндөн толук эки айды жасоо да мүмкүн эмес болгондуктан, мурда 30 күндөн турган апрель, июнь, секстилис, сентябрь, ноябрь, декабрь айларынан бирден күндү алууга туура келген. Ошондо пайда болгон 57 күндөн 29 күндөн турган январь айы, 28 күндүү февраль айы түзүлөт. Реформаланган римдин календарындагы айлар жана күндөр мындайча болгон:

| | |
|---|---|
| 1. Март — /31 | 7. Сентябрь — 29 |
| 2. Апрель — 29 | 8. Октябрь — 31 |
| 3. Май — 31 | 9. Ноябрь — 29 |
| 4. Июнь — 29 | 10. Декабрь — 29 |
| 5. Квинтилис — 31 | 11. Январь — 29 |
| 6. Секстилис — 29 | 12. Февраль — 28 |

Байыркы римдик календарь ай календарын негиз кылып алышкан. Ошондуктан, бул боюнча эсептөө жүргүзгөндө жыл сайын күн календарына салыштырганда 10 күнгө алдыга озуп кетүүгө туура келген. Бир топ жыл өткөн соң жылдын башталышы табигый кубулуштарга туура келбей калышы байкалган. Андай кемчиликти жоюу үчүн эки жылда бир жолу 23-менен 24-февралдын арасына *мерцедоний* деген кошумча айды кийирүүгө туура келген.

Ал ай 22 же 23 күндүү болуп кезектешип келген. Жылдардын узундугу мындайча болгон:

355
377 /355+22/
355
378 /355+23/.

Ошентип, ар бир төрт жылдын экөө узун, экөө кыска болгон. Бир жылдын орточо узундугу 366,25 күндү түзүп, чындыгына караганда 1 суткага ашып кеткен. Андай ашык күндү жоюу үчүн кээде жылды дагы бир күнгө узартып же кыскартып туруууга туура келген.

Мындай алымча-кошумчаларды жрецтер гана киргизүүгө укуктуу болгон. Алар бийликтен пайдаланып, өз билгендерин жасашкан. Чаржайыттык көбөйө берип, ооружыюу майрамын кышында белгилеп калган учурлар да болгон. Ошондо Римде календарга реформа жүргүзүү зарылдыгы келип чыгат.

Римдик жол башчы Юлий Цезарь ал үчүн Египетке барып, алардын календары менен таанышат. Реформа кылуу үчүн ушул календарь жарайт деп эсептеп, жаңы календарды түзүү ишин александриялык Созиген деген астрономго тапшырат. Ал календарды мындайча түзөт.

1. Январь — 31 күн
2. Февраль — 29/30/ күн
3. Март — 31 күн
4. Апрель — 30 күн
5. Май — 31 күн
6. Июнь — 30 күн
7. Квинтилис — 31 күн
8. Секстилис — 30 күн
9. Сентябрь — 30 күн
10. Октябрь — 30 күн
11. Ноябрь — 31 күн
12. Декабрь — 30 күн

Созиген жылды 12 айга бөлөт, алардын эски аттарын сактап коёт, бирок *Мерцодоний* деген кошумча айды биротоло чыгарып таштайт. Январь айын жылдын башталышы деп эсептөөнү киргизет. Анткени 133-жылдан тартып римдик консулдар өз кызматына 1-январдан тартып кирише баштаган болчу. Төртүнчү жылы високостук күн-

дү кошо турган чечим чыгат. Ошентип, Созиген түзгөн календарь биздин эрага чейинки 45-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет. Ал эми 44-жылы Марк Антонионун сунушу боюнча Юлий Цезардын календарды тартипке келтирүүдөгү жана согуштагы эрдиктерин эске алып, *квинтилис* айын Цезарь туулган ай болгондуктан, анын аты менен атоого сенат чечим кылат. Натыйжада мурдагы *квинтилис* айы *июль* (julius) аталып калат.

Римде жогорку жречествонун мүчөлөрүнүн коллегиясына убакытты туура эсептеп туруу жагы тапшырылат. Бирок алар вискостук күндү үч жылдан кийин төртүнчү жылда кошпостон, эки жылдан кийин эле үчүнчү жылга кошо беришет. Ошондуктан, календарь кайра чаташып калат. Ушундай жаңылыштыктар Цезардын мурасчысы император Августтун убагында биздин эрага чейинки 8-жылда байкалат. Августтун буйругу боюнча биздин эрага чейинки 8-жылдан тартып биздин эранын 8-жылына чейин вискостук күндөрдү кошпой турган болот. Ошентип, мурда кеткен каталар түзөлөт.

Сенат император Августтун юлиан календарындагы жаңылыштыкты түзөгөндүгү үчүн жана *секстилис* айында чоң жеңишке жетишкендиги үчүн *секстилис* айына Августтун атын ыйгарууга чечим кылат. Юлий Цезарга берилген июль айында 31 күн болсо, андан кийинки *секстилис* айында мурдагы календарь боюнча 30 эле күн болгон. Жуп санды бактысыз деп эсептеген римдиктер Августка арналган ай да 31 күндүү, бактылуу ай болушун каалап, *февраль* айынын бир күнүн алып, ага кошууга макулдашат. Ошентип, *февраль* айы 28 же 29 күндүү айга айланат. Август айы да 31 күндүү болушу менен жаңы ыңгайсыздык келип чыгат, *июль, сентябрь* айы үчөө тең 31 күндүү болуп катар келе турган болот. Муну жоюу үчүн *сентябрь* айынын бир күнүн *октябрга, ноябрдын* бир күнүн *декабрге* жылдырышат. Натыйжада Созиген түзгөн календардык системадагы 31 же 30 күндүү айлардын мурдагы ыраатын бузуп, өзгөртүүгө алып келет. Ушундай өз-

гөрүүлөрдүн натыйжасында юлиан календары мындай түргө келет:

| | |
|---|---|
| Январь — 31 күн | Июль — 31 күн |
| Февраль — 28/29/ күн | Август — 31 күн |
| Март — 31 күн | Сентябрь — 30 күн |
| Апрель — 30 күн | Октябрь — 31 күн |
| Май — 31 күн | Ноябрь — 30 күн |
| Июнь — 30 күн | Декабрь — 31 күн |

Юлиан календарында бир айдагы күндөрдү аптага бөлүү болгон эмес. Аларда бир айдагы күндү эсептөөнүн өзгөчө системасы болгон. Айдын биринчи числосу *календ* аталса, январь, февраль, апрель, июнь, август, сентябрь, ноябрь айларынын 5-числосу, март, май, июль, октябрь айларынын 7-числосу *нон* делип аталган. Ал эми *нон* 5-числого туура келген айлардын 13-числосу же *нон* 7-числого туура келген айлардын 15-числосу *ид* аталган.

Азыркы көнүмүштөгүдөй кылып айдын биринчи числосунан жогору карай санабай, римдиктер күндөрдү *календ, нон* жана *иддер* боюнча келерки айдын биринчи числосунан тартып төмөн көздөй санашкан. Жөн эле «1-январь» дегендин ордуна алар «Calendar januarias» «Январдагы календаларда» деп айтышкан; Ал эми «9-май» дегенди «май иддеринин берки 7-күнү» деп, 5-декабрь дегенди «декабрдеги нондордо» деп, 15-июнь дегенди «июль календыларынан берки 17-күнү» деп айтууга туура келген. Ал эми *календ, нон, иддердин* алдындагы ар бир күндү *канун* дешкен.

Император Августтун тушунда юлиан календарына өзгөртүүлөр киргизилип жатканда високостук жылды аныктоонун эрежеси да такталат. Жылды түзгөн сандар төрткө калдыксыз бөлүнсө, ал жыл високостук жыл болуп таанылары белгиленген. «Високос» деген сөз мындайча келип чыккан.

Байыркы римдиктердин календары боюнча кошумча

күндөр февраль айынын 23-числосу менен 24-числосунун ортосуна кыстарылган. Юлий Цезарь реформа жасаган кезде эски салттан баш тарта албай, високостук жылдагы кошумча күндү мурда *мерцедоний* жайгашкан жерге, 23-жана 24-февралдын ортосуна койгон. Ошондуктан, 24-февраль эки жолу кайталанган. Римдиктер 24-февраль дегенди «март календарына чейинки 6-күн» деп айткандыктан, кошумча күндү да ошентип айтууга туура келген. Латынча sextus (секстус) сөзү *алты* дегенди билдирип, биссекстус сөзү «дагы бир жолу алты» дегенди түюнткан. Мына ушул сөздү орус эли *високос* түрүндө кабыл алып, андан кыргыз тилине келип кирген.

325-жылы Никей чиркөөсүндө жыйын болот. Анда бардык христиандар үчүн юлиан календары кабыл алынат. Юлиан календары ошол кездеги эң так календарь катары таанылат. Ошол кезде жазгы күн менен түн теңелүү 21-мартка туура келген. Чиркөө үчүн пасха майрамын белгилөө өтө маанилүү болгондуктан, ушул числодо дайыма ал майрамды белгилөөгө болот деп ишенген. Бирок юлиан календарындагы так эместик боюнча 128 жылда толук бир күнгө озуп кетүүчүлүк келип чыгат. Ушундай жылдар өткөн сайын жазгы күн менен түн теңелүү улам эрте келе турган болуп калат. Алгач 20-, 19-, 18-мартка жылса, XVI кылымда 11-мартка туура келип калган.

Юлиан календарындагы мындай мүчүлүштүктү XIV кылымдын башында байкашкан. Византиялык Никифор Григора деген окумуштуу император Андроник IIге пасха 21-мартка туура келбей, улам эрте келе берерин түшүндүрөт. Ошондуктан, ал календарды түзөп, пасханы майрамдоону да жолго салуу зарылдыгын айтат. Бирок император христиан дүйнөдөгү чиркөөлөрдүн баарын макулдаштырууга мүмкүн эмес деген шылтоо менен календарга реформа жасоого жол бербейт. Кийинки мезгилдерде юлиан календарынын мүчүлүштүктөрү ар кай жердеги чиркөөлөрдө белгиленип, аны өзгөртүү жөнүндөгү маселелер козголо берет.

1582-жылы римдик папа Григорий XIII реформа жүргүзө турган комиссия түзүп, ага башчы кылып ошол кездеги белгилүү окумуштуу Игнатий Данте деген Болонья университетиндеги астрономия жана математиканын профессорун дайындайт. Комиссия Перуджи шаарындагы университеттин математика жана врач мугалими Луиджи Лилионун проектисин жактырат. Аны кубаттап папа Григорий XIII 1582-жылдын 24-февралында атайын булла чыгарат. Бул боюнча 1582-жылдын 4-октябрынын кийинки жума күнү 5-октябрь делбестен, 15-октябрь күнү делип эсептелип, 10 күн кошулат. Ошентип, юлиан календарындагы кемчиликтен улам келип чыккан 10 күнгө алга кетип калуучулук жоюлат. Жаңы календарь *григориан* деген атка конот.

Бул календарь юлиан календарына караганда бир топ так, бирок 400 жылда 3 суткадан ашыгыраак алдыга кетип калат. Ошондуктан, 400 жылдын ичине 100 жолу високостук жыл болбой, 97 гана високостук жыл болушу кабыл алынган. Ал үчүн Лилио жүздүктөрү төрткө так бөлүнбөгөн кылымдын акырындагы жылдарды високостук жыл деп эсептебөөнү сунуш кылган. Ага ылайык 1700-, 1800-, 1900-, 2100-жылдар високостук жыл катары эсептелбей, 1600-, 2000-, 2400, 2800-жылдар гана високостук жылдар болуп таанылат.

Григориан календарын католизм динindеги Италия, Испания, Португалия, Польша, Франция, Люксембург, Голландия өлкөлөрү 1582-жылы кабыл алат. Бир жылдан кийин Бавария, эки жылдан кийин Австрия менен Швецария колдоно баштайт. Венгрияда 1587-жылдын 1-ноябрынан, Пруссияда 1610-жылдын 2-сентябрынан, Германиядагы протестандарда жана Норвегияда, Данияда 1700-жылдын 1-мартынан тартып кабыл алынат. Великобритания жаңы календарды колдонууну 1752-жылдын 14-сентябринен, Швеция менен Финляндия 1753-жылдын 1-мартынан, Япония 1873-жылдын 1-январынын, Кытай 1911-жылдын 20-ноябрынан, Болгария 1916-жылдын 14-апрелинен

баштаган. Падышачылык Россияда юлиан календары колдонулуп келген. Григориан календарына өтүү Совет бийлигинин убагында 1918-жылдын 14-февралынан башталган.

Азыркы колдонулуп жүргөн календардын айрым мүчүлүштүктөрү бар. Аларды жоюп, жакшыртууга жасалган аракеттер жүрүп жатат. Бирок азырынча дүйнө элдери макулдашууга жетише элек.

## ШИЛТЕМЕЛЕРДИН ТИЗМЕСИ


[1] Гумелев Л. Н. Древные тюрки. М., 1967, 343-бет. Ивашина Н. В. Қ реконструкции лексической подсистемы. Методы изучения лексики. Минск, 1975, 183. Знатковский Т. Д. Исторические корни европейского календаря. — Қалендарные обычаи и обряды в странах зарубежной Европы. Исторические корни и развитие обычаев. М., 1983.

[2] Академик В. А. Гордлавский. Избранные сочинения. т. IV, М., 1968, 89-бет.

[3] Щербак А. М. Сравнительная фонетика тюркских языков. Л., 1970, 159.

[4] Баскаков Н. А. Введение в изучение тюркских языков. М., 1962, 116-бет.

[5] Қалендарные обычаи и обряды народов Восточной Азии. Новый год. М., 1958. 18-бет.

[6] Аталган эмгек, 96-бет.

[7] Аталган эмгек, 173-бет.

[8] Рашид-ад-дин. Собрание летописей. т. I, кн. I, М.-Л., 1952, 247-бет.

[9] Аристотель. Эвдемова этика. (121 ва 12)

[10] Селешников С. И. История и хронология. М., 1970, 23-бет.

[11] Древнетюркский словарь. Л., 1969, 24-бет.

[12] Севортян Э. В. Этимологической словарь тюркских языков М., 1974, 631-бет.

[13] Севортяңдын аталган сөздүгүн караңыз. 630—631-беттер.

[14] Дамдинжавын Майдар. Памятники истории и культуры Монголии. М., 1981. 100-бет.

[15] Черемисов Қ. М. Бурятско-русский словарь. М., 1973.

[16] Юдахин Қ. Қ. Қиргизско-русский словарь. М., 1965, 386-бет.

[17] Рясанен М. Материалы по исторической фонетике тюркских языков. М., 1955. 184-бет.

[18] Омар Хайям . Трактаты. М., 1961, 55-бет.

[19] Абу Райхан аль-Бируни. Избранные произведения. т. 1., Ташкент, 1957, 57-бет.

[20] Цыбульский В. В. Современные календары стран Ближнего и Среднего Востока. Синхронические таблицы и пояснения. М., 1914, 14-бет.

[21] Селешников С. И. История календаря и хронология. М., 1970, 167-бет.

[22] Щербак А. М. Сал-наме — Письменные Памятники Востока 1971, М., 1974.

[23] Древнетюркский словарь. Л., 1969, 278, 365, 373, 515, 575-беттер.

[24] Юдахин Қ. Қ. Қиргизско-русский словарь. М., 1965, 488-бет.

[25] Абу-ар-Рашид аль-Бакува. Қитаб талхис аль-Асар ва аджаиб аль-малик аль-каххар «Сокращение (книги о) «памятниках» и чудеса могучего». М., 1971, 14, 24, 33, 85, 110—111-беттер.

[26] Юдахин Қ. Қ. Қиргизско-русский словарь. М., 1965. 17-бет.

[27] Юдахин Қ. Қ. Қиргизско-русский словарь. М., 1965, 488-бет.

[28] Баранов Х. Қ. Арабско-русский словарь. М., 1961, 684-бет.

## МАЗМУНУ

Баш сөз . . . . . . . . . . . . . 3
Төрт мезгил . . . . . . . . . . . . 4
Жыл . . . . . . . . . . . . . . 7
Мүчөл . . . . . . . . . . . . . 8
Жыл сүрүү . . . . . . . . . . . . . 18
Жаңы жыл . . . . . . . . . . . . 21
Үркөр . . . . . . . . . . . . . 22
Айлар . . . . . . . . . . . . . 31
Айдын аттары . . . . . . . . . . . 31
Апта . . . . . . . . . . . . . . 43
Кылым . . . . . . . . . . . . . 52
Биздин эра . . . . . . . . . . . . 55
Азыркы календардын тарыхынан . . . . . . . 57

Касымбек Сейдакматов

КАЛЕНДАРНЫЕ ПОНЯТИЯ КИРГИЗОВ

*(На киргизском языке)*

Издательство «Кыргызстан»

Редактор *Б. Осмонкулов*
Сүрөтчүсү *У. Осмоев*
Көркөм редактор *Р. Жангарачова*
Тех. редактор *В. Крутякова*
Корректор *Б. Сатыбалдиева*

ИБ № 4048

Терүүгө 24. 06. 87. берилди. Басууга 24. 09. 87. кол коюлду. Д—07641. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арибн жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108 1/32. 2,125 физ. басма табак, 2,97 шарттуу басма табак, 2,933 учёттук табак, 3,062 боёк түшүрүү. Тиражы 3000. Заказ № 231. Баасы [illegible] т.

Элдердин достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы. 720737, ГПС, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720416, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

